# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ФЕВРАЛЬ-МАРТ 2017 | № 2-3 (63-64) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү

Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү түп-тамырынан бери өзгөрүүлөрдү талап кылат ..... 2

### ЖӨБдүн финансысы

Донордук акчага карата керектөөчү мамиле болбосун! Жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсү үчүн донордук инвестициялар жергиликтүү бюджеттер аркылуу багытталууга тийиш ..... 7

Мамлекеттик сатып алуулар. Улан Даникеев: 2016-жылы ЖӨБ органдары мамсатып алууларда 1,8 млрд сом үнөмдөй алышты ..... 11

Сатып алуулар жөнүндө суроолор: форс-мажордук жагдай деп эмнелер эсептелет? Бааларга мониторинг жүргүзүү үчүн кандай булактарды колдонуш керек? ..... 13

Жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүүнүн жаңы ыкмалары ..... 14

### Мониторинг жана баалоо

Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ЖӨБОнун ишмердүүлүгүнө тийгизген таасири ..... 19

### Мыйзамдардагы жаңылыктар

Кыймылсыз мүлккө укукту мамлекеттик каттоо жөнүндө ..... 23

Муниципалдык кызмат жөнүндө ..... 23

Муниципалдык кызматчынын жөнүндө ..... 25

Айыл өкмөтүнүн башчыларын жана мэрлерди шайлоо жөнүндө ..... 25

ЖӨБ органдарын текшерүүлөр жөнүндө ..... 25

### ЖӨБдүн маалымат саясаты

Маалыматтык бюллетендердин марафону ..... 29

Бюллетенге кандай маалыматтарды жайгаштырыш керек? ..... 33

### Стратегиялар

2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын мамлекетти бекемдөө жана өркүндөтүү бөлүгүндө ишке ашыруунун айрым жыйынтыктары тууралуу ..... 36

### ЖДКЖ Долбоорунун жаңылыктары

Таза сууга жана таштанды чыгарууга тарифтер боюнча коомдук угуулар ..... 40

Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу боюнча пландары ..... 41

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




# Кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү түп-тамырынан бери өзгөрүүлөрдү талап кылат

**Асылбек ЧЕКИРОВ**
Швейцария Өкмөтү каржылаган
жана ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн менен
Өнүктүрүү саясат институту аткарган
"Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу"
Долбоорун ишке ашыруу тажрыйбасынын негизинде даярдалды

Жарандар мамлекеттин ишмердигине кандай баа беришет? Бул суроо жеңил эмес. Коом ашкере саясатташкан шарттарда саясий, экономикалык, социалдык факторлордун кеңири өңүтүнө баа берүүгө болот. Бирок глобалдык көйгөйлөр менен алектенип отуруп, көптөр мамлекеттин негизги ролу – калк үчүн ыңгайлуу турмуш шарттарды түзүп берүү болгонун унутта калтырышат. Жарандардын коомдук жыргалдарга жана ар түрдүү, сапаттуу, туруктуу кызмат көрсөтүүлөргө тең жеткиликтүүлүгү бакубат жашоонун башкы белгиси болуп эсептелет. Ушуну менен бирге бул кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууда мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атынан мамлекеттин ролу жана жоопкерчилиги кандай болгонун түшүнүү өтө маанилүү.

2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын жоболору менен мамлекеттик башкаруу системасын модернизациялоо жарандардын кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыгын канааттандырууга багытталат деп аныкталган. Башкача айтканда, кызмат көрсөтүүлөр боюнча улуттук саясаттын чордонунда адам турат. Бул багытта алгачкы кадамдар жасалды. Кабыл алынган "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзам мамлекеттик / муниципалдык аткаминерлер тикелей кызмат көрсөткөндө жана мындай кызмат көрсөтүүлөр коммерциялык мүнөздө болбогон учурларда алардын жүрүм-турумунун алкактарын белгилейт. Мисалы, административдик актыларды, аныктама каттарды берүү боюнча кызмат

көрсөтүүлөр, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият ж.б. чөйрөлөрдө кызмат көрсөтүүлөр. Бул Мыйзамдын жоболору жарандарды бийликтин аткаруучу органдарынын “өзүмбилемдигинен”, өзгөчө акынын негизинде керексиз кызмат көрсөтүүлөрдү таңуулагандан коргойт. Реформалардын логикасы көрсөткөндөй, реформалардын кийинки этабына өтүп, жарандарга жашоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берүүгө керек болгон кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн өнүктүргөн багыттарды калыптандыруу керек. Мындай кызмат көрсөтүүлөр жеткирүүчүлөрдүн өндүрүштүк-чарбалык ишинин натыйжасында пайда болот. Бирок аларды уюштуруу боюнча милдеттенмелер мамлекеттик жана муниципалдык органдарга жүктөлгөн. Алардын катарында таза суу менен камсыздоо, суу берүү, газ өткөрүү, абаттоо, жашылдандыруу, санитардык тазалоо, КТК чыгаруу ж.б. кызмат көрсөтүүлөр бар.

Ушул тапта жарандардын турак жайына чейин коммуналдык ресурстарды жеткирүүгө байланган жана КР Турак жай кодексине ылайык “коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр” түшүнүгүнө кирген кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүнүн тизмеги мыйзамдар менен аныкталган. Мурда Советтер Союзу маалында мамлекеттин иши турак жай-коммуналдык чарбалыкты (ТКЧ) экономикалык тармак катары өнүктүрүүгө багытталчу. Бул тармак өзүнө мамлекеттик турак жай объекттерин, кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жеткирүүчүлөрүнүн жана мамлекеттик үйдө жашаган (кооперативдик үйлөрдү кошпогондо) жарандардын инфраструктурасын камтыган. Турак жайды массалык менчиктештирүү ТКЧ түшүнүгүн мамлекеттик турак жай деген түшүнүктөн чыгарып, бул структура урай баштаган. Мамлекет турак жай фондун сактап калуу, демек коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүү боюнча аракеттерди пландап, көзөмөлдөй албай калган. Башкы объект ТКЧ, т.а., турак жай жеке болуп калган шарттарда коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү эркин рынокко чыгышы керек болчу.

Бирок турак жай маселелери боюнча негизги ченемдик укуктук акт – КР Турак жай кодексин карай турган болсок, убакыт токтоп калгандай сезим пайда болот. Турак жай кодексиндеги ченемдердин дээрлик жарымы иш жүзүндө калбай калган мамлекеттик жана муниципалдык турак жайга тиешелүү! Ал эми көп батирлүү үйлөрдү башкарууну уюштуруу боюнча бардык ченемдер сунуш берүүчү мүнөзгө ээ. Мында бардык жеринде жарандар кайсы бир аракеттерди “жасай алат”, эгерде жасагысы келбесе, өзү билет деген маанай байкалат! Кызыгы, Турак жай кодекси жеке үй ээлиги чөйрөсүн дээрлик жөнгө салбайт.

Турак жай кодексинде “коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр” түшүнүгүнө төмөнкүдөй аныктама берилген – бул сапатты белгиленген санитардык жана техникалык талаптарга ылайык келген тиешелүү калктуу конуштун шарттарына карата турак жайлардын зарыл болгон ыңгайлуулугун камсыз кылган кызмат көрсөтүүлөр. Башкача айтканда, аныктамасы адамдын кызыкчылыгына эмес, турак жайга байланган. Мындан тышкары коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө болгону 4 берене арналган, болгондо да бул кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги жабык. Алар: 1) катуу турмуш-тиричилик таштандыларын чыгаруу; 2) суу жүргүзүү (канализация); 3) үй ичиндеги тарамдарды жана инженердик жабдууларды, анын ичинде көп батирлүү үйдү лифттик жабдууларды жабуучу же адистешкен уюмдар тарабынан техникалык тейлөө.

Ошол эле маалда турмуш тиричиликти камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөргө жарандардын муктаждыктары чоң жана биринчи кезекте жарандардын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамда, энергетика, суу пайдалануу ж.б. чөйрөлөрдөгү тармактык мыйзамдарда көрсөтүлгөн керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган. Анын ичинде: газ менен жабдуу, электр менен камсыздоо, аймакты абаттоо, жашылдандыруу, коомдук жайларга жарык берүү ж.б. Ушуну менен бирге бул кызмат көрсөтүүлөрдүн бардыгы мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандар алдындагы милдеттенмелерине кирет.

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоопкерчиликтүү болгон кызмат көрсөтүүлөр системасы аларды уюштуруу боюнча бирдиктүү принциптерге негизделиши керек. Бул принциптер өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- жарандардын суроо-талаптарын канааттандырууга багытталгандык;
- тапшырыкчы менен кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүнүн ыйгарым укуктары менен жоопкерчилигин ажыратуу;
- керектөөчүнү канааттандырган конкреттүү жыйынтыктын болгону;
- кызмат көрсөтүүнү уюштуруу боюнча мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин регламенттештирүү.

**“Коммуналдык кызмат көрсөтүү” түшүнүгүнө жаңы аныктама берүүгө мезгил келди. Бул түшүнүктүн өзөгүндө адамдын турмуш тиричилигинин чөйрөсүнө байланышкан коомдук жыргалдардын айрым түрлөрүн алуу бөлүгүндө жарандын керектөөлөрүн канааттандыруу зарылчылыгы жатат.**

Мисалы, төмөнкүдөй аныктаманы карап көрсө болот. Коммуналдык кызмат көрсөтүү – бул жарандын жашоо жана турмуш тиричилигинин ыңгайлуу шарттарын камсыздаган кызмат көрсөтүү. Аны уюштуруу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясынын жана жоопкерчилигинин алкагында болот. Коммуналдык кызмат көрсөтүү жеке жана юридикалык жактардын суроо-талабы менен жеткирилет, же мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмеси катары болот.

Мындай аныктама жашылдандыруунун, эс алуу

үчүн коомдук жайларды абаттоонун, ички жолдорду оңдоонун ж.б. эсебинен коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүүгө жол ачат.

Коммуналдык кызмат көрсөтүү системасынын уюштуруучусу болуп мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы эсептелет. Алар бул чөйрөдөгү өз ишин өзүнүн компетенциясынын жана колдонуудагы мыйзамдардын алкагында ишке ашырышат.

Кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу коммуналдык кызмат көрсөтүүнүн тапшырыкчысы менен анын жеткирүүчүсү, ошондой эле жеткирүүчү менен кызмат көрсөтүүнү керектөөчү ортосундагы чарбалык-келишимдик мамилелерге негизделүүгө тийиш. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү тикелей жеткирүүчү ролун аткарбашы керек.

Мындай мамиле "тейлөөчү" мамлекетти өнүктүрүү жаатында мамлекеттик саясаттын биримдигин камсыздоого, буга чейин кабыл алынган "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзам менен өз ара байланышты түзүүгө жол ачат.

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына жана жоопкерчилигине кирген коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдери жана жергиликтүү кеңештердин чечимдери менен аныкталууга тийиш.

Кызмат көрсөтүүгө коммуналдык кызмат көрсөтүү статусун ыйгаруу үчүн критерийлер:

- жеке жана юридикалык жактар тарабынан суроо-талаптын болгону,
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясынын болгону,
- кызмат көрсөтүүнү стандартташтыруу мүмкүнчүлүгү,
- кызмат көрсөтүүнү аутсорсингге өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгү,
- чарбалык-келишимдик мамилелердин алкагында кызмат көрсөтүү.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн ыйгарым укуктары так бөлүштүрүлбөгөндүктөн аталган субъекттер өздөрүнө тиешелүү болбогон функцияларды аткарышууда. Бул болсо өз ара аракеттенүүнүн эффективдүүлүгүн азайтып, кызмат көрсөтүү системасын уюштурууга жалпысынан терс таасирин тийгизип келатат. Муну менен катар ЖӨБ органдарынын бул кызматты көрсөтүүгө жөндөмдүүлүгү, кызмат көрсөтүүнүн жана аны жеткирүүчүнүн туруктуулугу, жарандардын кызмат көрсөтүүгө канааттануу даражасы эч бааланбастан жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлине жарандарды кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздоо боюнча функциялар берилген.

Ошондуктан "тейлөөчү" мамлекетти өнүктүрүү саясатын улантуу максатында турмуш тиричиликти камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктап алуу зарыл. Алар өзүнө төмөнкүлөрдү камтышы керек: кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу системасынын укуктук, башкаруучулук, финансы-экономикалык өңүттөрү.

Укуктук мүнөздөгү тапшырмалардын катарында коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу чөйрөсүндө мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарын жана жоопкерчилигин ажыратуу маанилүү.

Ыйгарым укуктарды ажыратуунун төмөнкүдөй критерийлери сунушталат:

- коммуналдык ресурстун булагы жайгашкан жери,
- айтылган кызмат көрсөтүүлөр боюнча калктын талаптарын канааттандыруу жөндөмдүүлүгү,
- мамлекеттик органдардын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын жетиштүү болгону,
- кызмат көрсөтүүлөрдүн экономикалык жана финансылык туруктуулугун камсыздоо үчүн башкаруунун тийиштүү деңгээлинде ресурстардын болгону.

Белгиленген критерийлерге ылайык, мамлекеттик органга кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө саясатты түзүү жана аны уюштуруу боюнча милдеттенмелер берилет. Бул милдеттенмелер монополдук мүнөзгө ээ болот. Мында ушундай кызматтарды көрсөткөн булактар шаарлардын жана айылдык аймактардын административдик чек араларына байланбайт, баа бычуу өлкөнүн бардык аймагында бирдиктүү мүнөзгө ээ болот. Бул критерийлерге ылайык, мамлекеттик органдар үчүн коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөнкүдөй түрлөрүн жөнгө салуу чөйрөлөрү аныкталган: 1) электр менен камсыздоо, 2) газ менен жабдуу, 3) телефон байланышы, 4) интернет.

Мындан тышкары капиталдык курулуш жана негизги фонддорду каржылоо бөлүгүндө таза суу менен камсыздоо жана суу берүү чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр да мамлекеттик органдардын милдеттенмелерине кирет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына булагы шаардын аймагында же айылдык аймактын чегинде жайгашкан, жергиликтүү бюджеттеги каражаттын, калктан чогултулган тарифтердин эсебинен, ЖӨБ органдарынын компетенциясынын алкагындагы башка булактардан каржыланган коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча жергиликтүү саясатты түзүү боюнча милдеттенмелер бекитилген. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөнкүдөй чөйрөлөрү аныкталган:

1) таза суу менен камсыздоо (күнүмдүк тейлөө);
2) суу берүү (күнүмдүк тейлөө);
3) жылуулук менен жабдуу;

4) аймактын санитардык тазалыгы;
5) катуу турмуш тиричилигиндеги таштандыларды чыгаруу;
6) коомдук колдонуудагы жерлерди абаттоо жана жашылдандыруу;
7) муниципалдык жолдорду күтүү;
8) сейил бактарда, спорттук курулмаларда жана эс алуу жайларында эс алуучу объекттерди күтүү жана абаттоо.

Кызмат көрсөтүүлөрдү башкаруу усулун тандап алуу башкаруучулук тапшырмалардын катарында негизги маселе болуп эсептелет.

Ушул тапта муниципалитеттер коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу үчүн бир гана жолду көрүп турушат - кызмат көрсөтүүлөрдүн монополдук жеткирүүчүсүн жасалма жол менен жаратып, муниципалдык ишкана түзүү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнө жеке секторду тартуу менен башкаруунун альтернативалуу моделдери боюнча көндүмдөрү жокко эсе.



*Плакаттын автору – Жылдызбек БОЛОТБЕКОВ, “Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде” плакаттар сынагынын катышуучусу, 2015-ж.*

Бул рынокко жеке сектордун кирүүсү боюнча атаандаштыкка жөндөмдүү, жагымдуу шарттарды түзүү коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр системасын реформалоо боюнча өзөктүк тапшырма болуп эсептелет.

Мындай шарттарды түзүү үч өзөктүк фактор болгондо ишке ашат: бизнес үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө жол ачкан тийиштүү ченемдик укуктук база; жеке сектор үчүн жагымдуу баа бычуу саясатынын болгону; бийликтин аткаруучу органынын атынан тапшырыкчы менен кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү ортосунда келишимдик мамилелерди аткаруу боюнча укуктук коргоо.

Ушуну менен бирге пайда алуу үчүн жагымдуу, туруктуу шарттар түзүлмөйүнчө бизнес ушул тапта тобокелдикке барып, коммуналдык инфраструктурага каражат инвестициялоого даяр эместигин түшүнүү маанилүү. Ошондуктан кыска мөөнөттүү мезгил ичинде коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүнү толук камсыздай ала турган, өзүнүн негизги каражаттары бар жеке компаниялардын саны жетиштүү болот деп күтүү туура эмес.

Мындан улам коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр системасын аутсорсингге которуу ауторсингдин усулдарынын көп түрдүүлүгүнө ээ болот. Алар: концессия, лизинг, мамлекеттик же муниципалдык менчикти ижарага алуу. Буларды “таза” аутсорсингге багыт алган өтмө этап катары караштырса болот. Мамлекеттик же муниципалдык мүлктү башкарууга карата жаңыча мамиле аларды колдонуудан пайда алууга гана эмес, көбүрөөк деңгээлде жарандарга жеткиликтүү жана сапаттуу кызмат көрсөтүү максатында колдонууга негизделиш керек.

Кызмат көрсөтүүнү аутсорсингге өткөргөндө бийликтин аткаруучу органдарынын жарандарды зарыл болгон коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр менен камсыздоо кызыкчылыгы жана бизнестин пайда табуу кызыкчылыгы ортосундагы балансты сактоо маанилүү.

Тилекке каршы, колдонуудагы мыйзамдар алгылыктуу инвестициялык климатты, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө атаандаштыкка жөндөмдүү чөйрөнү түзүү үчүн жогоруда аталган усулдарды толук кандуу колдонууга жол бербейт. Бул болсо жалпысынан ушул багыттагы өнүгүүнү кармап турат.

Кызмат көрсөтүүнүн баасын аныктоо боюнча учурдагы система улуттук да, жергиликтүү да деңгээлдерде эч негизделбеген жеңилдиктер системасы менен өзүн актабай калды. Бул болсо кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдү сөзсүз банкротко учураткан шарт түзүп жатат. Кызмат көрсөтүүлөрдүн эсептешүү наркы менен кабыл алынган тарифтер ортосундагы ажырым тереңдеп, негизги каражаттар жаңыланбаганы кырдаалды курчутту. Бул болсо коммуналдык инфраструктуранын мөөнөтүнөн мурда эскирип, талкаланышына түз таасирин тийгизип келет. Мындай шарттарда коммуналдык инфраструктурага келген жаңы инвестициялардын эффективдүүлүгү түшөт. Учурдагы монополияга каршы мыйзамдар баалардын үстүнкү чегин гана орнотуп, бирок коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бүткүн спектрин жаппастан баа бычуу системасына таасирин тийгизип жатат.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын бычуу системасы потенциалдуу жеткирүүчү өз ишканасынын рентабелдүүлүгүнө ишенгендей түзүлүш керек. Ушуну менен бирге ал мамлекеттик (муниципалдык) ишкана болобу, же бизнестин өкүлүбү – маанилүү эмес. Мыйзамдар менен кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын түзүүнүн жана тарифтерди бекитүүнүн жаңы тартиби аныкталууга тийиш. Мында кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы менен бекитилген тариф

ортосунда пайда болгон ажырым мамлекеттик бюджеттеги каражаттардын да, башка булактардан алынган каражаттардын да жардамы менен милдеттүү субсидиялоонун эсебинен камсыздалат.

Муниципалдык ишкананы дотациялоо практикасын токтотуп, кызмат көрсөтүүнү алуучуга субсидия берүү системасына өтүү зарыл.

Кызмат көрсөтүүнүн баасын бычуу системасына негизделген коммуналдык кызмат көрсөтүүнүн туруктуулук фактору мамлекеттик инвестициялык саясаттын маанилүү өңүтү болуп калууга тийиш.

Бийликтин аткаруучу органдарынын атынан кызмат көрсөтүүнүн тапшырыкчысы менен кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчү ортосунда келишимдик милдеттенмелерди аткаруу боюнча жеке секторго укуктук жана административдик кепилдиктерди берүү үчүн шарттар түзүлүш керек. Мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдү тандап алуунун жол-жоболорун жүзөгө ашыруу, келишимдик мамилелерди түзүү, контролдук функцияларды аткаруу үчүн методикалык жардам берүүгө тийиш.

Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштурууда көпчүлүк маселелерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлине өткөрүп берүү өз убагында ЖӨБ органдары үчүн да, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр үчүн да тийиштүү потенциалды жаратуу, зарыл болгон материалдык жана финансылык ресурстарды берүү, тийиштүү методикалык негиздерди түзүү менен коштолгон эмес. Мындай шарттарда коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү калдык принциби боюнча каржыланып, жергиликтүү бюджеттердин структурасында алдыңкы позицияларды ээлей алган жок. Ошол эле маалда көпчүлүк изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, төм. чөйрөдөгү кызмат көрсөтүүлөр жарандардын артыкчылыктуу суроо-талаптары бойдон кала берүүдө: суу менен камсыздоо, аймакты абаттоо жана жашылдандыруу, ички муниципалдык жолдор, катуу турмуш тиричиликтеги таштандыларды чыгаруу ж.б. Бирок мындагы чечилбей жаткан көйгөйлөр коомдо социалдык чыңалууну, суроо-талаптарды толук канааттандыра албаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата ишенбестикти жаратууда. Ресурстар чектелүү болгон шарттарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары эрежеге ылайык кызмат көрсөтүүнү уюштуруунун жалгыз ыкмасын колдонуп жатканы – муниципалдык ишкананы түзгөнү кырдаалды ого бетер татаалдаштырууда. Ушуну менен бирге жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын чектелүү болушу, тарифтерди чогултуунун төмөндүгү, абоненттик базанын көлөмүнүн аздыгы мындай муниципалдык ишканаларды башынан эле банкроттукка кептейт. Жергиликтүү деңгээлде тариф саясаты жүйөлүү эсептеп чыгууга эмес, жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары менен бааны макулдашууга негизделген. Анын үстүнө кызмат көрсөтүүнүн баасын эсептөө боюнча методикалык база жеринде жок.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын атынан тапшырыкчы менен кызмат көрсөтүүнү жеткирүүчүнүн өз ара мамилелери кызмат көрсөтүүнүн жүйөлүү көлөмүн жана анын баасын көрсөтпөстөн формалдуу келишимдер менен коштолуп келет. Адатта муниципалдык ишкананын иши муниципалдык менчикти келишимдин негизинде өткөрүп берүү менен коштолбойт. Мунун натыйжасында анын абалына жана колдонуу эффективдүүлүгүнө көзөмөл жоголот.

Жогоруда аталган себептер жеринде кызмат көрсөтүүнүн уюштуруунун жолго салынган, туруктуу системасынын жоголушуна алып келди.

1. **Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө орун алган кырдаал программалык документти иштеп чыгуу өңдүү кескин чечимдерди кабыл алууну талап кылат. Программалык документте төмөнкүдөй тапшырмалар аныкталса болот:**
   - **коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө өзүнө төмөнкүдөй маселелерди камтый ала турган ченемдик укуктук базаны түзүү:**
   - **кызмат көрсөтүүлөрдүн бекитилген стандарттары менен коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрин түзүү,**
   - **концессия, лизинг, мамлекеттик / муниципалдык мүлктү ижарага алуу жолу менен кызмат көрсөтүүнү аутсорсингге өткөрүп берүү маселесин жөнгө салуу.**
   - **жеке сектордун коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр рыногуна кирүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын бычуу тартиби.**
   - **мыйзамдар менен аныкталган өзгөчө учурларды кошпогондо, конкурстун негизинде муниципалдык тапшырыкты ишке ашыруу тууралуу жобо.**
2. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде коммуналдык кызмат көрсөтүү системасын уюштуруу үчүн методикалык документтердин пакетин иштеп чыгуу.**
3. **Жаңы мыйзамдардын жана типтүү методиканын негизинде кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын эсептөө тартиби тууралуу чечим кабыл алуу зарылчылыгы жөнүндө жергиликтүү кеңештерге талапты бекитүү.**
4. **Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр менен келишимдик мамилелер практикасын бардык жерде жайылтуу, бул келишимдер конкреттүү жыйынтыкка жетүүгө негизделиш керек.**

Кабыл алынган чечимдер коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн андан ары өнүктүрүү үчүн пайдубал түптөөгө жол ачат. Мында базар экономикасынын өнүгүүсү жана жарандарды коомдук жыргалдар менен камсыздоо боюнча мамлекеттин жоопкерчилигин жогорулатуу эсепке алынат.




*Плакаттын автору – КУБАНЫЧБЕК уулу АСАН, "Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде" плакаттар сынагынын катышуучусу, 2015-ж.*

# Донордук акчага карата керектөөчү мамиле болбосун!

## Жергиликтүү жамааттардын өнүгүүсү үчүн донордук инвестициялар жергиликтүү бюджеттер аркылуу багытталууга тийиш

**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
ӨСИ башкаруу төрайымы,
"Муниципалитет" журналынын башкы редактору

2011-жылдын башынан тарта Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ, www.dpi.kg) эл аралык донор уюмдар (мындан ары – донорлор) каржылаган өнүктүрүү долбоорлорун аткаруу менен элеттик муниципалитеттерге жергиликтүү бюджеттер аркылуу гранттарды берип келет[1]. Кыргыз Республикасында мындай практика колдонулган эмес.

[1] Модель Швейцария Өкмөтү каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында даярдалып, ишке ашырылган. www.vap.kg

Буга чейин донорлор фидуциардык тобокелдиктерден; каражаттар максатсыз колдонулуп кетет деген кооптонуулардан; ошондой эле коррупциялык тобокелдиктерден улам гранттык каражаттарды жергиликтүү бюджеттерге жиберчү эмес. Чындыгында эле КРда бюджеттик система жана казыначылык түптөлгөн узак мезгил ичинде мындай тобокелдиктер бар болчу. Ошондуктан донорлор сатып алууларды долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмдөрү аркылуу жүргүзүп келген, же элеттик жамааттарда Аймактык инвестициялык комитеттер[1] өңдүү бийликтин параллелдүү структураларын түзгөн. Бул комитеттер гранттык каражаттарды колдонууга байланыштуу бардык чечимдерди кабыл алчу. Ал эми гранттык каражаттар болсо жергиликтүү бюджеттерди жана жалпысынан бюджеттик системаны кыйгап өтүп, подрядчыларга жана жеткирүүчүлөргө тикелей багытталып келген. Дагы бир жолу белгилейбиз, мындай практика бюджеттик система жана казыначылык түптөлүп жаткан мезгил аралыгында өзүн актаган. Анткени тобокелдиктер чындап эле жогору болгон. Ошентсе да мындай практиканы улантуу ушул тапта бир катар көйгөйлөр менен коштолууда.

Донордук инвестициялар үчүн эч кандай бюджеттик жоопкерчилик албаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары долбоорлорду башкарууга карата да, долбоор жыйынтыкталгандан кийин объекттерди күтүп алууга карата да өтө эле пассивдүү позицияны ээледи. Бул болсо таза суу менен камсыздоо системасын кошкондо көптөгөн инфраструктуралык объекттердин начар башкарылып, тез убакыт ичинде жараксыз абалга жетип калуусуна алып келди. Донорлордун инвестициялары адатта натыйжасыз болуп жатты. Элеттик суу менен камсыздоо системасына карата абал оорлошту – донорлордун колдоосу менен бул системалар өкмөттүн чечими менен коомдук уюмдардын – Таза сууну колдонуучулардын айылдык коомдук бирикмелеринин (ТСКАКБ) башкаруусуна өткөрүлүп берилген. Кызмат көрсөтүү үчүн соңку жоопкерчиликти албаган ТСКАКБ эффективдүү башкаруучу боло албады. Мунун натыйжасында жасалма түзүлгөн жалган-башкаруучу органдар ЖӨБ органдарынын ордуна жергиликтүү маанидеги маселелерди чечип келди. Бул болсо жергиликтүү өз алдынча башкарууну алсыздандырды. Бир жагынан калктын көз алдында ЖӨБ алсыз жана эч нерсе үчүн жооп бербеген орган катары көрүнсө, экинчи жагынан ЖӨБ органдары өздөрүн эркин сезип, кызмат көрсөтүү үчүн жоопкерчиликти баамдабай калган.

Каржылоо жергиликтүү бюджеттердин тышында жүзөгө ашырылган учурда сатып алуулар эл аралык долбоорлордун эрежелери боюнча, же аткаруучу агенттиктин эрежелери боюнча жүрөт жана мамлекеттин көзөмөл органдары тарабынан контролго алынбайт. Мындай учурда коррупция тобокелдиктери же натыйжасыз сатып алуулар жогорулайт. Бул болсо келишимдеги милдеттенмелерди аткаруунун сапаты төмөн болот деген тобокелдикти пайда кылат. Атүгүл ЖӨБ органдары адатта реконструкцияланган же курулган объектти менчикке алуудан баш тартып келишкен. Анткени сатып алуулар жол-жобосуна катышкан эмес жана бул объекттерге менчик укугунун статусу айкын болбогонуна байланышкан тобокелдиктерди өзүнө алгысы келген эмес. Көп учурда талап кылынган мамлекеттик жол-жоболордон – мамлекеттик сатып алуулардан, долбоордук-сметалык документтерди бекитүүдөн өтпөгөн, уруксат берүүчү документтер алынбаган, сметасы бекитилбеген донордук инвестициялык долбоорлордун документтери курулуш нормаларына жана эрежелерине шайкеш келбей, мамлекеттик экспертиза тарабынан таанылбай калчу. Мындай объекттерди андан ары колдонуу чоң тобокелдиктер менен коштолуп, элеттик ЖӨБ органдары келечекте болушу мүмкүн маселелер үчүн жоопкерчиликти өзүнө алууну каалашпайт.

Ушул тапта жогоруда аталган тобокелдиктер жоголуп баратат, ал эми донордук инвестицияларды жергиликтүү бюджеттер аркылуу жеткирүү практикасы гранттык каражаттарды жамааттагы “параллелдүү” структураларга бергенге караганда мыкты жыйынтыктарды көрсөтүүдө. Мисалы, жергиликтүү бюджеттер аркылуу инвестицияланган долбоорлор аяктагандан кийин бир нече жылдан соң жакшы жана мыкты абалда сакталган объекттердин үлүшү 100 пайызды түзөт.

## Ченемдик базада кандай өзгөрүүлөр болду?

2011-жылдан баштап, акыркы 5 жыл ичинде ченемдик укуктук базада олуттуу өзгөрүүлөр орун алды жана азыр да болуп жатат. Бул өзгөрүүлөр жергиликтүү бюджеттер аркылуу инфраструктурага инвестициялоонун тобокелдиктеринин азайышына көмөктөшүп жатат. Инвестицияларды эффективдүү башкарууда ЖӨБ органдарынын потенциалы жана мүмкүнчүлүктөрү жогорулаганы өзгөрүүлөр болуп жатканынан кабар берет. Кандай өзгөрүүлөр болду жана уланып жатат?

Элеттик ЖӨБдүн аткаруу органдарынын – айыл өкмөтүнүн ишине өкүлчүлүктүү орган – жергиликтүү кеңеш тарабынан көзөмөл көбөйдү. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнө отчеттуу боло албай турганы мыйзам менен белгиленген. Натыйжада жергиликтүү кеңештердин курамында айыл өкмөтүнөн көз каранды адамдар болбой калды. Айыл өкмөт башчыларын эми жергиликтүү кеңештер шайлап, алар бардык маселелер, анын ичинде бюджет боюнча толугу менен депутаттар алдында отчеттуу болуп калышты.

Жергиликтүү жамааттар тарабынан элеттик ЖӨБ органдарынын ишине көзөмөл күчөдү. Жергиликтүү жамааттардын бюджеттик процесске

[1] Узак мезгил ичинде АРИСтин жана Дүйнөлүк банктын практикасы болуп келген.

жана жалпысынан ЖӨБ процесстерине кызыгуусу бир кыйла өстү[1], ошондой эле аткарылган иштерге жергиликтүү жамааттар тарабынан биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү практикасы орун алып, кеңири жайылды. Мында жергиликтүү жамааттардын жаңы уставы өз ролун ойноду. Бул уставдарда жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга тикелей катышуусунун формасы, ошондой эле үзгүлтүксүз мониторинг жана баалоо жүргүзүү моделин кошкондо ачык-айкындуулукка жана отчеттуулукка карата талаптар деталдуу түрдө сүрөттөлгөн.

ЖӨБ органдары жүзөгө ашырган мамлекеттик сатып алуулардын, анын ичинде инфраструктура объекттерин куруу, ремонттоо жана реконструкциялоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулардын айкындуулугуна жана атаандаштыгына карата талаптар күчөдү. Сатып алуулар тууралуу жаңы мыйзамдар ЖӨБ органдарынан сатып алууларды Финансы министрлиги башкарган zakupki.kg электрондук порталы аркылуу өткөрүүнү талап кылат. Натыйжада мамлекеттик сатып алуулардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жана эффективдүүлүгү жогорулады[2].

Жеткирүүчүлөрдүн – ремонттук-курулуш иштеринин подрядчыларынын ЖӨБ органдарынын тапшырыктарын аткаруу чөйрөсүндөгү потенциалы жогорулады. Мында 2 фактор чоң роль ойноду. Биринчиден, подрядчылар АРИС, Дүйнөлүк банктын долбоорлору жана башка көптөгөн долбоорлор менен кызматташып жүрүп, тендерлерге катышууда олуттуу тажрыйба алышкан. Экинчиден, сатып алуулар жөнүндө мыйзамдардын катаал талаптары подрядчыларды жол-жоболорду жана жумуштардын сапатын жакшыртууга мажбурлады.

Инвестицияларды башкарууда ЖӨБ органдарынын потенциалы жогорулады. Жергиликтүү бюджеттерде капиталдык бюджеттер (өнүгүү бюджеттери) түзүлө баштады. Бул болсо ЖӨБ органдарын өзүнүн ички инвестицияларын башкарууга түрттү. Ал төм. камтыйт: 1) инвестициялык долбоорлорду сабаттуу башкаруу; 2) тапшырыктарды жайгаштыруу көндүмдөрү жана долбоордук-сметалык документтерди баалоо; 3) инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууда техникалык көзөмөл көндүмдөрү, БМжБ системасынын болгону (мисалы, республикалык бюджеттен дем берүүчү гранттардын талаптары); мамлекеттик сатып алуулар порталы менен иштөө көндүмдөрү. ЖӨБ органдары инвестициялык долбоорлор, өз аймагында инвестициялык климатты түзүү жана инвестициялык жагымдуулукту арттыруу менен көбүрөөк алектенип калышты. Ошол эле маалда бул процессте жарандык коомдун катышуусун да жогорулатышууда. Айыл өкмөтүнүн штаттык түзүмүндө инвестицияларды башкаруу боюнча адис пайда болду.

ЖӨБ органдарынын жамаат алдындагы отчеттуулугу жогорулады. Мыйзамдардагы, аны менен катар Бюджеттик кодекстеги ченемдер бардык бюджеттер, анын ичинде өнүгүү бюджеттери (инвестициялар) жамааттын артыкчылыктуу керектөөлөрүнө негизделиши керек деген талапты белгилеген. Буга мамлекеттик бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге дем берүүчү үлүштүк гранттарды берүү системасындагы өзгөрүүлөр көмөктөштү. Дем берүүчү гранттарды берүү эрежелери мамлекеттик бюджеттен кошо каржыланган инвестициялык долбоорлор ЖӨБ органдарынын күчү менен артыкчылыктарды аныктоого негизделиши керектигин талап кылат.

Мамлекет тарабынан каражаттардын максаттуу чыгымдалышына жүргүзүлгөн көзөмөлдүн сапаты жогорулады. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүүнүн жаңы эрежелерин иштеп чыкты. Алар өзүнө каражаттарды чыгымдоонун отчеттуулугуна, эффективдүүлүгүнө карата талаптарды камтыйт. Муниципалдык менчиктеги объекттердин, анын ичинде элеттик инфраструктура объекттеринин курулушуна, капиталдык жана күнүмдүк ремонтуна кеткен каражаттардын колдонулушуна аудит жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүүнүн жаңы программасына кошулган.

## Практикада эмнелер өзгөрдү?

**ЖӨБ объекттерди күтүүгө карата жоопкерчиликти сезип, объектти колдонуу боюнча финансылык жүктү көтөрүүдө**

Ушул тапта дагы бир практика киргизилип жатат: ЖӨБ органы долбоордук инвестициялык циклдин бардык этаптары үчүн башынан аягына чейин жооп берет, кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча аракеттер планын түзөт, бул планда инвестициялардын баасы гана тыкыр эсептелинбестен, ошону менен бирге объектти келечекте башкаруунун финансылык модели да түзүлөт. Мындай учурда амортизация, келечектеги инвестициялар жана объектти күтүүгө кеткен чыгашалар жергиликтүү бюджетте жана тариф саясатында эсепке алынат. Мисалы, “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоору (ЖДКЖ Долбоору) жергиликтүү бюджеттер аркылуу ишке ашырылган инвестициялык донордук каражаттарды ЖӨБдүн өзүнүн операциялык каражаттары менен байланыштырды. Мындай ыкма кызмат көрсөтүүлөрдүн туруктуулугунун деңгээлин жогорулатат. Эми ЖӨБ органы капиталдык салымдар жана тариф саясаты боюнча аракеттерин өз алдынча координациялап, үндөштүрүүдө. Эгерде каржылоо менен жоопкерчилик өз-өзүнчө болгондо бул мүмкүн болмок эмес. Мындан тышкары PSI Долбоору 2015-жылдан тарта окуу боюнча иш-чаралардын

[1] ӨСИ жүргүзгөн сурамжылоолор көрсөткөндөй, жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон кызыгуусунун өсүшү 6,2 пайызды түздү; ЖӨБдүн ишине көп кызыкпаган жарандардын саны 7,5 пайызга азайды.

[2] Жергиликтүү деңгээлде сатып алуулар ЖӨБ органдарынын потенциалын жогорулатуу боюнча мындан ары да аракеттерди талап кылат, бирок бул процесс артка кайтпас мүнөзгө ээ болду.




*Плакаттын автору – Айжамал ЖОРОБАЕВА, “Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде” плакаттар сынагынын катышуучусу, 2015-ж.*

логистикасына да жалпы суммасы 6 млн сомдун тегерегинде каражатты жергиликтүү бюджеттерге багыттай баштады. Бул болсо өткөрүлүп жаткан иш-чаралар үчүн ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин арттырып, Долбоор менен ЖӨБО ортосундагы ишенимдүү мамилени түзө алды. Эки жыл ичинде Долбоордун бардык айылдык аймактарындагы жыйынтыктарды карай турган болсок, бардык иш-чаралар толук көлөмдө өткөрүлсө да гранттык каражаттар үнөмдөлгөнүн байкоого болот.

**ЖӨБ инвестицияларды эсепке алуу менен жүйөлүү тариф саясатын жүргүзүүгө жөндөмдүү**

Донорлордун таза суу колдонуучуларынын коомдук бирикмесин (ТСКАКБ) түзүү эксперименти элетти суу менен камсыздоо үчүн кайгылуу аяктады. Бир нече таасирлүү ийгиликтүү мисалдарга карабастан көпчүлүк муниципалитеттерде ТСКАКБ кагаз жүзүндө гана иштеп жатышат. Көпчүлүгүндө алар тармактарды тийиштүү деңгээлде башкарышпайт, тарифтерге инвестициялык чыгашаларды, атүгүл күнүмдүк колдонгонуна кеткен чыгашаларды да кошушпайт. Ушуну менен бирге кызмат көрсөтүүнүн өзү үчүн жоопкерчилик мыйзамдарга ылайык, көп жылдардан бери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлүп, ал эми ТСКАКБ суу менен камсыздоо системасын киреше булагы катары карап келди. КР өкмөтү административдик жолдорду колдонуп, суу менен камсыздоону башкарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына кайтарууга аракет кылып жатат. Бирок процесс өтө жай жана майнапсыз жүрүүдө. Биринчиден, ТСКАКБ “карынды кампайткан” булагын бергиси келбесе, экинчиден, ЖӨБ органдары талкаланган жана начар иштеген тармактар үчүн өзүнө жоопкерчилик алууга ашыккан жери жок.

ЖДКЖ Долбоорунун алкагында ӨСИ иш практикасы көрсөткөндөй, донордун жергиликтүү бюджетке багытталган инвестициясы ЖӨБ менен ТСКАКБны мындан ары объекттерди күтүп алууга жана тариф саясатына инвестиция жумшоого байланышкан бардык маселелерди эсепке алууга мажбурлап жатат. Бирок бул тарифтер сөзсүз эле өтө жогорулап кетет дегенди билдирбейт. Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы айрым муниципалитеттерде консультациялык жумуштарды жана эсептешүүлөрдү жүргүзгөндөн кийин тарифтер мурдагы эле деңгээлинде кала берген. Бирок тармактарды башкаруу сапаты бир кыйла жогорулаган.

Эгерде инвестициялар жергиликтүү бюджеттер аркылуу багытталса, ЖӨБ органдары кызмат көрсөтүүнүн туруктуулугу үчүн өзүнүн келечектеги жоопкерчилигин түшүнүшү керек. Бул болсо инвестициялоо боюнча популисттик же жүйөсүз чечимдерди кабыл алуудан сактайт. Анткени көп учурда инвестициялоо ЖӨБОнун мүмкүнчүлүктөрүн жана жоопкерчилигин эсепке албаган учурда ушундай көрүнүштөр болуп келет. Кыскача айтканда, жергиликтүү бюджет аркылуу каржылоо кабыл алган чечимдер үчүн ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин арттырат.

## Корутунду

2012-жылдан 2016-жылга чейинки беш жыл ичинде ӨСИ түрдүү долбоорлордун алкагында ЖӨБ органдарына жалпы суммасы 97 601 400 сомго, же 1,7 миллион доллардын тегерегинде 143 грант берген. Бул гранттардын 70% жакыны инфраструктура объекттерин калыбына келтирүүгө багытталган. 2017-жылдын февраль айында объекттердин абалына жүргүзүлгөн мониторинг көрсөткөндөй, 2012 жана 2014-жылдары жыйынтыкталган долбоорлордун 100% иштеп жатат. Респонденттерге объекттердин иштешине 5 баллдык шкала менен баа берүү сунушталган[1]. Натыйжада объекттердин 40% абалы жакшы деп бааланса, объекттердин 60% абалына мыкты деген баа берилген. Бул практикага таянуу менен, ӨСИ жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга багытталган, элеттик инфраструктурага жумшалган донордук инвестициялар жергиликтүү бюджеттер аркылуу гана жүзөгө ашырылыш керек деген жүйөлүү тыянак чыгарды. Дал ушундай механизм донордук долбоорлордун жыйынтыктарынын туруктуулугун камсыздап, Кыргыз Республикасындагы элеттик аймактардын өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизет.

[1] 0 – объект жок, 1 – объект иштебеген абалда турат, 2 – объекттин абалы канааттандырарлык эмес, 3 – объекттин абалы канааттандырарлык жана кызмат көрсөтүлөт, 4 – объекттин абалы дурус жана кызмат көрсөтүлөт, 5 – объект мыкты абалда жана толук өлчөмдө кызмат көрсөтүлөт.

**Улан ДАНИКЕЕВ,**
Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин директору



# 2016-жылы ЖӨБ органдары мамсатып алууларда 1,8 млрд сом үнөмдөй алышты

Бүгүнкү күндө мамлекеттик сатып алуулардын электрондук системасы мамлекеттик каражаттардын ачык-айкындуулугун жана эффективдүүлүгүн камсыздоонун негизги аспабы болуп калды. Электрондук мамлекеттик сатып алууларды киргизгенге чейин бардык тендерлер кагаз жүзүндө өткөрүлүп, жеткирүүчүлөр сатып алуучу уюмдардын өкүлдөрү менен байланыш түзүүгө мажбур болчу, атаандаштыкты өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлгөн эмес, коомчулук тарабынан сатып алуулар жол-жобосуна карата дооматтар көп болуп, адамдар салык төлөөчүлөрдүн каражаттары кайда жана кантип сарпталып жатканына кызыкчу.

Ошондуктан 2013-2017-жылдар мезгилинде туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына ылайык, мамлекеттик каражаттардын айкындуулугун жана эффективдүүлүгүн камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаменти мамлекеттик сатып алуулар системасын реформалоо боюнча көп иштерди жасады. 2014-жылдын июнь айынан тарта Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар боюнча расмий порталы сыноо режиминде иштей баштаса, 2015-жылдын май айында “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамы күчүнө киргенден баштап мамлекеттик сатып алуулар электрондук формада гана жүргүзүлүп калды. Ушул Мыйзам мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашырууда мамлекеттик каражаттарды колдонуунун үнөмдүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн камсыздоо максатын көздөйт.

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” жаңы Мыйзамдын жана мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталынын (zakupki.gov.kg) жардамы менен өтө чоң көлөмдөгү мамлекеттик каражат үнөмдөлүп, мамлекеттик каражаттардын жана мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорунун ачык-айкындуулугу камсыздалды, мамлекеттик сатып алуулар порталында катталган жеткирүүчүлөрдүн саны өсүүдө.

2017-жылдын февраль айында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаменти басма сөз жыйынын өткөрүп, коомчулукту 2016-жыл үчүн мамлекеттик сатып алуулардын алдын ала жыйынтыгы менен тааныштырды. 2016-жылы сатып алуучу уюмдар жалпы суммасы 43 млрд 520 млн сомго 44 070 конкурс (келишимди тикелей түзүү усулун кошкондо) өткөргөн. Ушуну менен бирге веб-порталда мамсатып алууларды өткөрүүдөн үнөмдөлгөн мамлекеттик каражаттын суммасы 9 млрд 131 млн 195 миң сомду түздү.

2015-жылдагы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 2016-жылы сатып алуучу уюмдар өткөргөн конкурстардын саны 33 850гө өскөн, мамсатып алуулардын иш жүзүндөгү суммасы 3 млрд 111 млн сомго азайган, мамсатып алууларды өткөрүүдөн үнөмдөлгөн сумма 3 млрд 569 млн сомго өскөн.

Өткөн жылы ЖӨБ органдары жүзөгө ашырган мамлекеттик сатып алуулар оң жыйынтык бергенин белгилейбиз. Маалыматтар боюнча, 2016-жылы жергиликтүү бюджетте турган мекемелер 7 млрд 464 млн 192 миң сомго 13123 конкурс өткөрүшкөн. Алардын ичинен 6479 конкурс 1 млрд 104 млн 202 миң сомдук суммага келишимди тикелей түзүү усулу менен өткөрүлгөн.

2016-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сатып алуулар планы 9 млрд 301 млн сомго түзүлгөн. Ошентип ЖӨБ органдары мамлекеттик сатып алуулар порталынын жардамы менен 1 млрд 837 млн сом үнөмдөй алышкан.

2016-жылы ЖӨБ органдары 3 млрд 160 млн 756 миң сомго товар, 458 млн 588 миң сомго кызмат көрсөтүүлөрдү, 3 млрд 844 млн 648 миң сомго жумуштарды жана 200 миң сомго консульта-

***2015-2016-ж.ж. мезгилине мамсатып алуулар боюнча салыштырмалуу таблица (расмий маалыматтар боюнча)***

| Сатып алуучу уюмдардын мамсатып алуулары | Конкурстардын саны | Мамсатып алуулардын пландалган суммасы (сом менен) | Өткөрүлгөн мамсатып алуулардын иш жүзүндөгү суммасы (сом) | Мамсатып алууларды өткөрүүдөн үнөмдөлгөн сумма (сом менен) |
|---|---|---|---|---|
| 2015-жыл | 10220 | 52 млрд 192 млн 976 миң | 46 млрд 631 млн | 5 млрд 561 млн 954 миң |
| 2016-жыл | 44070 | 52 млрд 651 млн 623 миң | 43 млрд 520 млн | 9 млрд 131 млн 195 миң |
| Баш тартуу | + 33850 | +458,6 | - 3 млрд 111 млн | + 3 млрд 569 млн 241 миң |

циялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алышкан. 2015-жылдагы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу 2016-жылы ЖӨБ органдары өткөргөн конкурстардын саны 10269ка өскөн, мамсатып алуулардын иш жүзүндөгү суммасы 1 млрд 439 млн сомго көбөйгөн, мамсатып алууларды өткөрүүдөн үнөмдөлгөн сумма 1 млрд 194 млн сомго көбөйгөн.

Портал иштей баштаган 2014-жылдын 2-июлунан тарта 2016-жылдын 31-декабрына чейин катталган сатып алуучу уюмдардын жалпы саны 3 095, жеткирүүчүлөрдүн саны 13 552, алардын ичинен чет өлкөлүк жеткирүүчүлөрдүн саны 1 196 болду. 2016-жылы эле порталда 6 275 жеткирүүчү катталган.

Мамлекеттик сатып алуулар департаменти мамлекеттик сатып алуулардын учурдагы системасы жеткирүүчүлөрдүн санын көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берип, муну менен мамлекетке бюджеттик каражаттарды үнөмдөөгө жана сатып алуучу уюмдардын керектөөлөрү менен чыгашалары тууралуу маалыматтарды ачыктоого шарт түзөт деген ишенимде.

Албетте, ар бир жаңычылдык кыйынчылыктар менен коштолуп, өркүндөтүүнү талап кылат. Кадрлардын агылуусу жана сатып алуучу уюмдардагы, өзгөчө ЖӨБ органдарындагы кызматкерлердин мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболору жана бул жааттагы ченемдик укуктук актылар боюнча билим деңгээлинин төмөндүгү, айрым райондордо интернеттин жоктугу, же начардыгы, дагы башка көйгөйлөр мамлекеттик сатып алуулар системасын өнүктүрүүдө чоң тоскоолдуктарды пайда кылып жатканын Департамент белгилейт.

Сатып алуулар боюнча адистердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу үчүн Мамлекеттик сатып алуулар департаменти жана КР Финансы министрлигине караштуу Окуу борбору окутуучу курстарды өткөрүп келүүдө. 2016-жылы эле 3 378 адис товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларды башкаруу боюнча киришүү курсунан өттү. Анын ичинде 2107 мамкызматчы, ЖӨБ органдарынын 877 кызматкери, орто жана чакан бизнестин 394 өкүлү бар. Тереңдетилген курстардан 300 адис өтсө, 71 адис адистештирилген бир күндүк курстан өттү. Ал эми 6 адис эки күндүк адистештирилген курстан өттү.

Департамент мамсатып алуулардын бардык катышуучуларынын активдүү көмөктөшүүсү мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө жогоруда саналган жана башка көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет деп ишенет. Өзгөчө мамлекеттик сатып алуулар системасын өнүктүрүүдө чоң ролду ойногон ЖӨБ органдары олуттуу салым кошо алышат.

Департамент мамлекеттик сатып алуулар системасын өркүндөтүү боюнча чоң иштерди жүргүзүп келатат. Мисалы, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамына түзөтүүлөр киргизилүүдө. “Бизге жеткирүүчүлөрдөн, коомдук бирикмелерден, сатып алуучу уюмдардан жана Жогорку Кеңештин депутаттарынан 100гө жакын сунуш жана эскертүүлөр түштү. Өткөн жылы коомдук угуулар өткөрүлүп, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча мыйзам долбоору иштелип чыккан. Мамлекеттик сатып алуулардын минималдуу босоголук суммасын 1 млн сом деп белгилөө жаңычылдыктардын бири болуп калмакчы. Ошондой эле мыйзамга дагы бир ченем киргизилип жатат. Ага ылайык, эгерде сатып алуунун суммасы минималдуу босоголук сумманын 3% ашпаса, сатып алуучу уюмдар кулактандырууну порталга жайгаштырбастан сатып алууларды жүргүзө алат, бирок сатып алуулардын жыйынтыктарын жарыялоого тийиш. Бул болсо сатып алуучу уюмдарга мобилдүүлүктү жана ийкемдүүлүктү камсыздоого көмөктөшөт” деп билдиришти Департаменттен. Мамлекеттик сатып алуулар системасындагы өзгөрүүлөр, түзөтүүлөр тууралуу ЖӨБ органдарына өз убагында маалымат берип, алар менен кайра байланышты жакшыртуу максатында Мамлекеттик сатып алуулар департа-

***2015-2016-ж.ж. мезгилине ЖӨБ органдарынын мамсатып алуулары боюнча салыштырмалуу таблица (расмий маалыматтар боюнча)***

| ЖӨБ органдарынын мамсатып алуулары | Конкурстардын саны | Сатып алуулардын пландалган суммасы (сом) | Сатып алуулардын иш жүзүндөгү суммасы (сом) | Мамсатып алууларды өткөрүүдөн үнөмдөлгөн сумма (сом менен) |
|---|---|---|---|---|
| 2015 | 2854 | 6 млрд 668 млн | 6 млрд 25 млн | 643 млн |
| 2016 | 13123 | 9 млрд 301 млн | 7 млрд 464 млн | 1 млрд 837 млн |
| Баш тартуу | +10269 | +2 млрд 633 млн | 1 млрд 439 млн | 1 млрд 194 млн |

менти "Муниципалитет" журналы менен кызматташууга кызыкдарлыгын билдирди.

Департамент "Муниципалитет" журналы аркылуу окурмандардын суроолоруна жооп кайтарууну пландоодо. Өз суроосуна жооп алуу үчүн окурмандар "Муниципалитет" деген тема менен n.malaev@minfin.kg электрондук дарегине суроосун жибериши керек.

Журналдын бул санында 2017-жылдын 20-24-февраль күндөрү өткөн мамлекеттик сатып алуулар боюнча тренинг маалында Чүй облусунун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери берген суроолор жана Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин расмий жооптору жарыяланды.

# Сатып алуулар жөүндө суроолор: форс-мажордук жагдай деп эмнелер эсептелет? Бааларга мониторинг жүргүзүү үчүн кандай булактарды колдонуш керек?

Суроолорду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары узатты. Суроолорго Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаменти жооп берди.

**СУРОО.** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР мыйзамынын 21-беренесинде форс-мажордук жагдайлардын токтоосуз калыбына келтирүүнү талап кылуучу кесепеттерин локалдаштыруу үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алганда сатып алуучу уюм келишимди тикелей түзүү усулу аркылуу сатып алууларды өз алдынча жүргүзүүгө укуктуу болгону айтылат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бул ченемди туура колдонуусу үчүн кандай окуялар жергиликтүү деңгээлде форс-мажордук жагдайларга кире турганын түшүндүрүп берүүңүздү өтүнөбүз.

**ЖООП.** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – Мыйзам) 21-беренесинин 4-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, форс-мажордук жагдайлардын токтоосуз калыбына келтирүүнү талап кылуучу кесепеттерин локалдаштыруу үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алганда сатып алуучу уюм келишимди тикелей түзүү усулу аркылуу сатып алууларды өз алдынча жүргүзүүгө укуктуу. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356-беренесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2015-жылдын 14-октябрындагы №175-Б Буйругу менен бекитилген Товарларды бир этаптуу, эки этаптуу, жөнөкөйлөтүлгөн усулдары жана бааны төмөндөтүү усулу аркылуу сатып алууга стандарттуу конкурстук документтерге ылайык, аткаруу дарамет жеткис күчтөрдүн, башкача айтканда өзгөчө жана болтурбай коюуга мүмкүн болбогон кырдаалдын айынан пайда болгон окуя, ошондой эле шалаакылыкка, же туура эместигине байланышпаган жана күтүлбөгөн мүнөзгө ээ болгон, контролдоого мүмкүн болбогон окуя форс-мажор деп эсептелет. Мындай окуялар согуш же революция, өрт, сел кырсыктары, эпидемиялар, карантиндер жана товарларды жеткирип берүүгө эмбарго сыяктуу аракеттерди кошот, бирок алар менен чектелбейт.

Муну менен катар ушул Мыйзамдын 21-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, токтоосуз калыбына келтирүүнү талап кылуучу форс-мажордук жагдай жаралганда сатып алуулар тууралуу кулактандыруу жана маалымат мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылбай турганын белгилей кетүү зарыл. Ушуну менен бирге маалымат катары билдиребиз, Мыйзамдын жогоруда көрсөтүлгөн ченемин колдонуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик же муниципалдык органдардын тийиштүү корутундусу талап кылынат. Бул органдар токтоосуз калыбына келтирүүнү талап кылуучу форс-мажордук жагдай пайда болгону факты тууралуу акт түзүшөт.

**СУРОО.** Сатып алуучу уюмдар сатып алынып жаткан товарларга болгон баага мониторингди жүзөгө ашырышат. Бааларга мониторинг жүргүзүүдө алар маалыматтын кандай булактарын колдонуп, расмий кайсы булактарга шилтеме жасай алышат?

**ЖООП.** Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга чыгашаларды эффективдүү пландоо максатында сатып алуучу уюмдар конкурсту өткөргөнгө чейин бааларга мониторинг жүргүзүүгө тийиш.

Ошону менен бирге сатып алынып жаткан товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюмдар товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн базар баасы тууралуу жалпыга жеткиликтүү маалыматтарды, ушул өңдүү товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүнү жүзөгө ашырган подрядчылардан алынган баалар, пландалган сатып алуулар тууралуу маалыматтарды колдоно алышат.

Ошондой эле сатып алынып жаткан товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүү үчүн сатып алуучу уюм Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин расмий сайтында (www.stat.kg) жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин сайтында (www.antimonopolia.gov.kg) жарыяланган маалыматтарды колдоно алышаарын маалымдайбыз.

# Жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүүнүн жаңы ыкмалары

**Назира ТЮЛЮНДИЕВА,** ӨСИнин бюджеттер аралык мамилелер боюнча адиси жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси

2016-жылдын 20-декабрында Эсептөө палатасынын Кеңеши Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (КР ЭП) жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча жаңы Колдонмосун бекитти. Аталган Колдонмону өткөн жылдын соңунда Эсептөө палатасынын Кеңеши негиз катары алып, 2016-жылдын биринчи жарым жылдыгында пилоттук аудиттерди өткөрүүдө колдонгон. Пилоттук аудиттердин жыйынтыгы боюнча Колдонмо ийине жеткире иштелип чыккан соң Эсептөө палатасынын Кеңеши бекиткен.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча колдонмосу 2004-жылдын 13-августундагы №117 “Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, КР ЭП Кеңешинин 2013-жылдын 5-декабрындагы № 01-3/96 токтому менен бекитилген КР ЭП Регламентине жана КР ЭП Кеңешинин 2008-жылдын 23-июлундагы № 01-9/33 токтому менен бекитилген КР ЭП жана анын аймактык бөлүмдөрүнүн аудит жүргүзүү тартиби тууралуу Жалпы колдонмосуна ылайык иштелип чыкты. Колдонмо негизинен эл аралык стандарттарга шайкеш келет жана бюджеттин айкындуулугуна жана жарандардын бюджеттик процесске катышуусуна аудит бөлүгүндө күчөтүлгөн. Жергиликтүү бюджеттерге аудиттин планын жана программасын түзүү, ошондой эле аудиттин жыйынтыктары тууралуу отчетту даярдоо тартиби Колдонмого киргизилген жаңычылдыктар болуп эсептелет.

КР Эсептөө палатасынын аудит ишмердүүлүгүнүн жылдык планына кошулган аудит объекттеринин тизмесин түзүү КР ЭП аудит ишмердүүлүгүн пландоо боюнча Колдонмого ылайык жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү бюджеттерге аудиттин максаты – объекттин финансы маалыматы финансылык отчеттуулугунун кабыл алынган системасына жана аны жөнгө салган мыйзам чыгаруу базасына ылайык берилгенин, жергиликтүү бюджет мыйзамдардын жана жергиликтүү деңгээлде финансыны башкаруу маселелерин жөнгө салган ченемдик документтердин колдонуудагы талаптарына шайкеш келгенин тактоо, ошондой эле жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу системасын өркүндөтүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү таап чыгуу.

Жергиликтүү бюджеттерге аудиттин тапшырмалары:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бюджеттик процессти жүзөгө ашырууну жөнгө салган колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын канчалык сактаганын текшерүү;
- жергиликтүү бюджеттин туруктуулук, кирешелер менен чыгашалардын теңдемделгендиги принциптерине шайкеш келгенин, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын максаттарына жетүүгө багытталганын, жергиликтүү бюджеттин курамына бардык кирешелер менен чыгашалар кошулганын баалоо;
- жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу этаптарында ачыктык, айкындуулук жана отчеттуулук принциптеринин сакталышын текшерүү;
- бюджеттин кирешелер жана чыгашалар пландарын түзүүдө негизделгендигин жана реалдуу болгонун, анын бекитилген методикаларга жана эрежелерге шайкештигин текшерүү;
- ЖӨБ органынын ресурстук базасын кеңейтүү үчүн мүмкүн болгон резервдерди аныктап чыгуу;
- бюджеттин кирешелери жана чыгашалары канчалык негиздүү, толук жана өз убагында аткарылганын текшерүү;
- жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу берилген отчетто маалыматтардын ишенимдүүлүгүн текшерүү;
- аудит объекттеринин бухгалтердик отчеттуулугунда берилген маалыматтын ишенимдүүлүгүн текшерүү;
- аныкталган четтеп кетүүлөргө жана тартип бузууларга талдоо жүргүзүү, аларды четтетүү боюнча сунуштарды киргизүү.

Ошентип, жергиликтүү деңгээлде аудиттин жаңы системасынын бир бөлүгү болуп ЖӨБ органдарынын отчеттуулук жана айкындуулук маселеси эсептелет.

Жаңы Колдонмодо аудиттин чөйрөсү жана көлөмү деген жаңы түшүнүктөр киргизилген.

**Аудиттин чөйрөсү –** аудиттин мазмуну жана чек аралары, белгилүү бир мезгил ичинде изилденип, талдана турган ишмердүүлүктүн жана процесстердин түрлөрү, б.а. аудитке алынып жаткан негизги маселелердин тизмеги.

**Аудиттин көлөмү (же аудиттин масштабы) –** аудиттин максатына жетүү үчүн жүргүзүш керек болгон аудитордук жол-жоболор. Аудитти жүргүзүү

үчүн зарыл болгон жол-жоболорду аудитордук топтун жетекчиси аудитти пландоодо аудиттин стандарттарынын талаптарын эсепке алуу менен өз пикирине жараша аныктайт.

Аудиттин күтүлгөн мүнөзүнө, убактылуу алкактарына жана көлөмүнө карата жалпы стратегияны жана деталдуу мамилени иштеп чыгуу аудитти пландоодо негизги тапшырма болуп эсептелет. Аудит сапаттын, үнөмдүүлүктүн, өндүрүмдүүлүктүн, натыйжалуулуктун параметрлери боюнча жана өз убагында, ошондой эле мүмкүн болушунча кыска убакыт ичинде максималдуу түрдө эффективдүү жүргүзүлө тургандай пландалыш керек. Пландоо процесси өзүнө төмөнкүлөрдү кошот: аудиттин объектисин алдын ала изилдөөнү; аудиттин планын жана аудиттин программасын даярдоону.

Аудиттин объектин алдын ала изилдөө аудит объекттеринин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актыларды изилдөөдөн тышкары жергиликтүү жамааттын уставын изилдөөнү да камтыйт. Жергиликтүү жамааттын уставы аудиттин жүрүшүндө колдонулат. Себеби мыйзам менен жөнгө салынбаган маселе уставга ылайык чечилет. Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын ички турмуш-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин регламенттейт, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин карайт, жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө өз ара мамилелеринин тартибин аныктайт.

Алдын ала этапта өткөн аудиттин отчету жана ЖӨБ органдарынын өткөн аудиттердин эскертүүлөрү, аудит объектисинин негизги мүнөздөмөлөрү (мекемелердин тизмеги, каржылоо көлөмү, республикалык бюджеттен трансферттердин көлөмү, ишмердүүлүктүн жыйынтыктары) жана айылдык аймактын (шаардын) социалдык-экономикалык абалы изилденет. Мындай көрсөткүчтөр боюнча маалымат булагы катары айылдык аймактын (шаардын) социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жана аймактын акыркы үч жыл ичиндеги макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнүн статистикасы колдонулат.

Алдын ала таанышып чыгуу жогорудагы тизме менен чектелбейт. Ыйгарым укуктуу адам аудитти жүргүзүү үчүн кошумча документтерди жана материалдарды, анын ичинде ЖӨБ органдарынын, муниципалдык бюджеттик мекемелердин жана ишканалардын бухгалтердик, финансылык, тескөө, келишим документтерин сүратып алып, таанышып чыкса болот. Аудиттин объекти менен алдын ала таанышуунун жыйынтыктары тийиштүү сунушталган формада документтештирилет.

Аудиттин планын, программасын жана жыйынтыктарын баяндоо үчүн сунушталган типтүү формалар Колдонмонун бир бөлүгү болуп эсептелет. Бул болсо жумушчу документтерди да, жергиликтүү бюджеттерге жүргүзүлгөн аудит боюнча отчетторду да унификациялоого жол ачат.

Эл аралык стандарттарга ылайык, аудитордук жол-жоболорду жүргүзүү башталганы тууралуу аудиттин объектисине кабар берүү Колдонмодогу жаңычылдыктардын бири болуп эсептелет. Аудиттин планы жана программасы бекитилгенден кийин аудит жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу адам аудит объектисинин жетекчисине алдыдагы аудит тууралуу алдын ала жазуу түрүндө кабар бериши керек. Катта аудиттин объектисине аудиттин максаты, предмети, көлөмү; аудиттин мүнөзү (тандап алма же аралаш усул), аудит тобунун жана аудит объектисинин укуктары жана жоопкерчилиги, объектте аудитордук далилдерди чогулткан кызматкерлердин, анын ичинде сырттан тартылган эксперттердин аты-жөнү жазылган тизме, аудитти жүргүзүү мөөнөтү жана аудиттин жыйынтыктарын кабарлоо ыкмасы (формасы) баяндалат.

Аудитордук жол-жоболор аудиттин планына жана аудиттин программасына ылайык жүргүзүлөт. Муну менен катар аудитордук жол-жоболор аудиттин төмөнкүдөй чөйрөлөрүндө жүзөгө ашырылат:

1) бюджеттик процесстин мыйзам чыгаруу ченемдерине шайкештигине аудит;
2) жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө аудит;
3) жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө аудит;
4) жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышына аудит;
5) жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышына аудит;
6) сатып алууларга аудит;
7) муниципалдык менчикти башкарууга аудит;
8) муниципалдык ишканаларга аудит;
9) эсепке алууну жана отчеттуулукту уюштурууга аудит.

Бюджеттик процесстин мыйзам чыгаруу ченемдерине шайкештигине аудит төмөнкү маселелер боюнча жүргүзүлөт: жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү, кароо жана бекитүү жол-жобосун баалоо; бекитилген бюджеттин түзүмүн баалоо; бюджеттер аралык мамилелерге аудит; бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун түзүлүшүн жана бекитилишин баалоо.

Жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү, кароо жана бекитүү жол-жобосун баалоону жүргүзүү үчүн ыйгарым укуктуу адам төмөнкүлөрдү аныкташы керек:

1) жергиликтүү салыктар, жыйымдар жана алар боюнча жеңилдиктер жергиликтүү кеңештин чечими менен киргизилгенби, бул чечимдер мыйзамдардагы талаптарга ылайык жарыяланганбы;

2) жергиликтүү бюджеттин алгачкы долбоору жергиликтүү кеңеш менен макулдашылганбы;

3) жергиликтүү бюджеттин долбоору боюнча коомдук угуулар өткөрүлгөнбү;

4) аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын жергиликтүү кеңеш бекиткенби, программанын долбоору коомдук талкуууга коюлганбы;

5) жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын эсе-

бинен ишке ашырыла турган инвестициялык долбоорлорго сунуштар коомдук талкууга коюлганбы (бул жобо 2017-жылдан тарта күчүнө кирет);

6) жергиликтүү бюджетти кароо жана бекитүү жергиликтүү кеңештин кабыл алынган регламентине, бюджеттик процестти жөнгө салган мыйзамдарга жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлгөнбү;

7) жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясы бюджеттин долбоору боюнча корутунду түзгөнбү жана ал жергиликтүү кеңешке жиберилгенби;

8) тийиштүү жылга бюджет тууралуу жергиликтүү кеңештин чечими массалык маалымат каражаттарында жарыяланганбы;

9) жергиликтүү бюджетти кабыл алуу, кабыл алынган бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү, жергиликтүү бюджеттеги эркин калдыктарды бөлүштүрүү боюнча жергиликтүү кеңештин токтомдору болгонбу;

10) жергиликтүү бюджетти кабыл алуу, кабыл алынган бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча жергиликтүү кеңештин токтомдору расмий булактарда жарыяланганбы (кабыл алынган документтерди тиркөө менен) жана ченемдик укуктук актылардын Бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүнө жиберилгенби.

Бекитилген бюджеттин структурасын баалоо, бюджеттер аралык мамилелерге аудит жана бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттун түзүлүшүн жана бекитилишин баалоо колдонуудагы мыйзамдарга ылайык текшерилет.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө аудит жүргүзгөндө төмөнкүлөр бааланат: жергиликтүү бюджеттин ресурстук базасы канчалык толук камтылганы; жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнүн негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү; Бюджеттин киреше бөлүгүнүн көлөмүнө таасирин тийгизген ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдердин негиздүүлүгү.

Жергиликтүү бюджеттин ресурстук базасына аудит кирешелерди болжолдоо жана анын толуктугун баалоо үчүн маалымат базасынын болгонуна контролду камтыйт. Төмөнкүлөр текшерилет:

1) салык төлөөчүлөрдүн алкагында кирешелердин түрлөрү боюнча, а.и. жер салыгы, мүлккө салык, сатуудан алынган салык, киреше салыгы, милдеттүү жана ыктыярдуу патенттердин негизинде салыктар, чакан ишкерлик субъекттери үчүн бирдиктүү салык, жер казынасын пайдалануу үчүн салык, ижара акысы жана жергиликтүү бюджеттин башка кирешелери боюнча статистикалык маалыматтардын бар болгону жана толуктугу;

2) божомолдорду түзүү үчүн статистикалык маалыматтардын болгонун, толуктугун жана үзгүлтүксүз жаңыртылып турганын (жылына бир жолу). Мисалы, калктын киреше көрсөткүчү киреше салыгын; кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү жана чекене товар жүгүртүү – сатуудан алынган салыкты; калктын саны жана ишканаларда иштеген кызматкерлердин саны – таштанды чыгаруу үчүн жыйымды; турак жай жана турак жайга кирбеген фонддун көрсөткүчтөрү, транспорт каражаттарынын саны жана мүнөздөмөсү – мүлккө салыкты ж.б. эсептөө үчүн база катары талданат.

3) талданган мезгилде ишкерчиликтин түрлөрү боюнча ыктыярдуу патенттин ставкаларын орнотуу үчүн хронометражды жүргүзүү фактылары (зарыл болгон учурда тийиштүү суроо-талап МСКга жиберилет);

4) муниципалдык менчикте турган объекттерге инвентаризациялоо жүргүзүү жана эсепке алуу фактылары;

5) Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү тартибинин сакталышын;

6) жайыт жерлерин колдонуу үчүн акынын көлөмүн аныктоо жана жайыт жерлерин колдонуу боюнча жамааттын планын аткаруу үчүн эсептөөлөрдүн болгонун жана негиздүүлүгүн.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүнүн негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн текшерүү үчүн кирешелер боюнча божомолдуу эсептөөлөрдү (кирешелер булактарынын алкагында) талданып жаткан мезгилде салык салуу үчүн берилген базадагы көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүсү менен салыштырыш керек жана кирешелердин айрым түрлөрү үчүн болжолдоонун конкреттүү усулдарын колдонуунун тууралыгын баалаш керек. Мисалы, милдеттүү жана ыктыярдуу патенттердин негизинде түшкөн салыктардын болжолдуу суммасын ошол аймак үчүн патенттин белгиленген ставкасынын, жеке ишкерлердин санынын базасында, ошондой эле болжолдонгон жылга патенттердин ставкасындагы ыктымал өзгөрүүлөрдү эсепке алуу менен эсептөө сунушталат. Ошондой эле атайын каражаттар боюнча эсептөөлөрдү түзүүнүн негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн текшерүү зарыл.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө аудит жүргүзгөндө аткаруучу органдын карамагында турган ишканалардан жана чарбачыл уюмдардан түшкөн төлөмдөрдүн, ошондой эле башка пландуу кирешелердин реалдуулугу жана толуктугу да бааланат.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн көлөмүнө таасирин тийгизген ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдердин негиздүүлүгүн баалоо жергиликтүү кеңештин жергиликтүү салыкты төлөөдөн бошотууга, төлөө мөөнөтүн кийинки калтырууга уруксат берүүсүнүнө, салык жеңилдиктерин берүүсүнүн укуктуулугуна аудитти; айылдык аймактын (шаардын) салык төлөөчүлөрүнүн салык төлөмдөрүн (факт боюнча) төлөө мөөнөтүн кийинкиге калтыруунун шарттарын сактап жатканын контролдоону камтыйт.

Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнө аудиттин багыттары төмөнкүлөр:

1) жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн түзүүдө колдонулган көрсөткүчтөрдүн негиздүүлүгүн жана реалдуулугун текшерүү;

2) муниципалдык бюджеттик мекемелердин чыгашалар сметасын эсептөө мыйзам чыгаруу ченемдерине шайкеш келгенин текшерүү.

Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн түзүүдө колдонулган көрсөткүчтөрдүн негиздүүлүгүнө жана реалдуулугуна аудит жүргүзгөн маалда ыйгарым укуктуу адам төмөнкүлөрдү текшерет:

1) айылдык аймакта (шаарда) муниципалдык менчик объекттерин мүнөздөгөн маалыматтар (техникалык, социалдык, экологиялык жана башка параметрлер), инфраструктуралык тармактардын, жолдордун мүнөздөмөлөрү, бюджеттик чыгашаларды пландоо үчүн зарыл болгон башка индикаторлор чогултулабы;

2) мындай маалыматтарды эсепке алуу, мониторинг жүргүзүү жана түзөтүүлөрдү киргизүү системасы барбы. Алар документтер менен катталганбы.

Аудиттин бул баскычында төмөнкүлөр бааланат:

1) жергиликтүү бюджеттин чыгашалары айылдык аймактын (шаардын) социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын артыкчылыктарына шайкеш келеби жана жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн түзүүдө бул артыкчылыктар толугу менен эсепке алынганбы;

2) жергиликтүү бюджеттин каражаттарын чыгымдоо багыты жергиликтүү маанидеги маселелерге шайкеш келеби (берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар үчүн жергиликтүү бюджетке тийиштүү финансы ресурстары берилген учурда) жана жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын сметалары жүйөлүү эсептелгенби. Бул максатта чыгашалардын зарылдыгы бааланат, долбоорлордун болупболбогону жана чыгашалар сметасына жүйөлүү эсептөөлөр текшерилет;

3) жергиликтүү бюджеттин күнүмдүк жана капиталдык чыгашаларынын ара катышынын максаттуулугу (өзүн өзү камсыздаган ЖӨБ органдарында);

4) бюджеттин күнүмдүк чыгашаларынын структурасынын рационалдуулугу. Мында чыгашалардын деңгээлин жана багытын аныктаган индикаторлордогу өзгөрүүлөрдүн динамикасы эсепке алынат;

5) бюджет долбооруна ЖӨБдүн бардык чыгаша милдеттенмелеринин, анын ичинде коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө чыгашалардын толук кошулганын;

6) жергиликтүү бюджеттин резерв фондунун түзүлүшүнүн жол-жоболорунун сакталганын жана анын көлөмүн аныктоонун тууралыгын;

7) юридикалык жактарга субсидиялардын баары эле мыйзамдуу негизде пландалганбы.

Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө аудит жүргүзгөндө чыгаша бөлүгү жергиликтүү бюджеттен каржыланган бюджеттик мекемелердин чыгашалар сметасынын долбоорунун негизинде эсептелине турганы көңүлгө алынат. Эсептер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылышы керек.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышына аудит маселелери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) кирешелердин толук жана өз убагында түшүп жатканын текшерүү;

2) кирешелер маселелери боюнча бюджеттер аралык мамилелерге аудит.

Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышына аудит маселелери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышынын жалпы жол-жоболоруна аудит;

2) эмгек акыны төлөөгө бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит;

3) тамактанууга бөлүнгөн каражаттардын колдонулушуна аудит;

4) отчет алынуучу суммаларга жана насыя\дебитордук береселерге аудит;

5) мүлктү сатып алууга бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна жана аны эсептен чыгарып салуунун тууралыгына аудит;

6) муниципалдык менчиктеги объекттерди курууга, алардын капиталдык жана күнүмдүк ремонтуна бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит;

7) автотранспортту күтүүгө бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит;

8) коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүн төлөөгө бөлүнгөн каражаттын колдонулушуна аудит.

Муниципалдык менчикти башкарууга аудит Колдонмонун жаңы бөлүмү болуп эсептелет. Ушуну менен бирге төмөнкүлөргө аудит жүргүзүлөт:

1) муниципалдык менчиктеги объекттердин толук эсепке алынганына;

2) муниципалдык менчиктеги объекттердин менчиктештирүү жол-жоболорунун толук эсепке алынганына жана натыйжалуулугуна;

3) муниципалдык менчикке чектелүү укуктардын, муниципалдык менчикти башкарууга жана күтүүгө укуктардын берилишине.

Муниципалдык менчиктеги объекттердин толук эсепке алынганын текшерген учурда ыйгарым укуктуу адам төмөнкүлөрдү такташы керек:

1) мүлккө муниципалдык менчик объекттеринин реестрин түзүү жана жүргүзүү тартиби ЖӨБ органы тарабынан белгиленген жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген;

2) реестрди ЖӨБ органы жүргүзөт жана ага бардык зарыл жазуулар өз убагында киргизилип турат;

3) реестр айылдык аймакка (шаарга) тиешелүү муниципалдык менчиктеги бардык объекттерди камтыйт;

4) реестрде мыйзамдар талап кылган маалыматтардын бардык бөлүмдөрү бар;

5) жарандар реестрдин мазмуну менен ЖӨБ органдарынын кадимки иш учурунда тааныша алышат;

6) негизги каражаттардын баланстык наркы жана амортизациясы толук жана өз убагында эсепке алынган;

7) ЖӨБ органы муниципалдык менчикте турган объекттерге үзгүлтүксүз инвентаризациялоо жүргүзүп турат;

8) муниципалдык менчиктеги мүлктү ажыратуу тартиби жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген, муниципалдык менчикти ажыратуу боюнча операциялар укуктуу, негизги каражаттардын чыгарылышына толук жана өз убагында эсеп жүргүзүлүп турат.

Менчиктештирүү жол-жоболорун эсепке алуу толуктугун жана эффективдүүлүгүн текшерүү, муниципалдык менчикке чектелүү укуктардын, муниципалдык менчикти башкарууга жана күтүүгө укуктардын берилишине аудит колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

Муниципалдык ишканалардын бюджетти түзгөнүнө аудит төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) текшерүүгө алынып жаткан мезгилге муниципалдык ишканада өндүрүштүк программанын (өзүнө муниципалдык тапшырыктардын пландалган көлөмдөрүн камтыган) бар болгонун, ЖӨБ органы макулдашуу жана бекитүү жол-жоболорун сактаганын текшерүү;

2) муниципалдык ишкананын бюджети (кирешелердин жана чыгашалардын болжолдуу финансылык планы) негиздүү жана туура түзүлгөнүн, буга кошумча жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрүн жана жана баасын аныктоонун туура лыгын, алардын ЖӨБ органы же башка ыйгарым укуктуу орган бекиткен (монополияга каршы мыйзамдарына ылайык) нормативдерге жана тарифтерге шайкештигин текшерүү;

3) муниципалдык ишкана алган кирешелердин муниципалдык ишкананын уставында/жобосунда бекитилген ишмердиктин түрлөрүнө шайкештигин текшерүү;

4) ЖӨБ органы муниципалдык ишкананын бюджетин макулдашуу жана бекитүү жол-жобосун сактаганын текшерүү.

"Эсепке алууну жана отчеттуулукту уюштурууга аудит" бөлүмүнө "Финансылык башкаруу жана контролдоо системасын баалоо" аттуу жаңы бөлүм кошулган. Мында ыйгарым укуктуу адам финансылык башкаруу жана контролдоо системасынын мыйзамдар менен белгиленген төмөнкүдөй компоненттеринин болгонун жана иштегенин баалашы керек:

1) контролдук чөйрө (түшүнүктүү жана логикалуу уюштуруучулук түзүмдүн болгону, милдеттердин, укуктардын жана отчеттуулук деңгээлинин так бөлүштүрүлүшү, кесиптик этиканын формулировкаланган талаптарынын, персоналды башкаруунун эрежелеринин жана анын компетенттүүлүгүнө карата талаптардын бар болгонун);

2) тобокелдиктерди башкаруу (тобокелдиктерди башкаруу программасынын жана аларды азайтууга багытталган иштелип чыккан контролдоочу чаралардын бар болгону);

3) контролдук иш-чаралар (тобокелдиктерди башкаруу процессинде аныкталган тобокелдиктерди чектөөнүн алдын ала, учурдагы жана кийинки контролунун жазуу жүзүндөгү эрежелеринин жана жол-жоболорунун бар болгону. Контролдук иш-чараларды ишке ашырууга кеткен чыгымдар күтүлгүчү пайдадан ашып кетпегенин текшерип алуу зарыл);

4) маалымат жана байланыш (ишенимдүү маалыматтык жана байланыш системаларынын болгонун жана иштешин баалоо зарыл. Булар маалыматты башкарууну, майнаптуу горизонталдуу жана вертикалдуу байланышты, персоналды башкарууну, документ жүгүртүүнү башкарууну, отчеттуулукту жүргүзүүнү камсыздашат);

5) мониторинг (финансылык башкарууга мониторинг жүргүзүү системасынын болгону, ал өзүнө учурдагы мониторингди, жетекчинин өзүнө баа берүүсүн жана ички аудитти камтыйт).

Жалпысынан бул этапта аудиттин тапшырмасы – бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бюджеттик уюмдар үчүн бухгалтердик эсеп чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарына ылайык жүргүзүлүп жана түзүлүп жатканын текшерүү.

Аудиттин жыйынтыктарын макулдашуу, аудит материалдарын тапшыруу, аудиттин жыйынтыктарын андан кийин эсепке алуу жол-жоболору Эсептөө палатасынын Регламентине, КР Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2008-жылдын 23-июлундагы № 01-9/33 Токтому менен бекитилген "КР Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүмдөрү тарабынан аудит жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Жалпы колдонмого жана башка ички документтерге ылайык жүргүзүлөт.

"Аудиттин жыйынтыктары боюнча отчетту даярдоо" бөлүмүндө аудиттин жыйынтыктары тууралуу отчеттордун формалары жана мазмуну сүрөттөлөт. Аудиттин жыйынтыктары боюнча отчеттордун төмөнкүдөй түрлөрү даярдалат:

- аудит объектисине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары тууралуу жана/же айрым фактылар (маселелер) боюнча орто-аралык отчету;
- жергиликтүү бюджетке жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары тууралуу отчеттун долбоору.

Аудиттин жүрүшүндө кызмат адамдарынын жана (же) айрым адамдардын аракеттеринде аудит тобунун пикири боюнча кылмыштын белгилери аныкталган учурда аудит жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу адам орто-аралыктагы отчетту түзөт жана аны тийиштүү тартип коргоо органдарына жиберет. Ошону менен катар ал текшерүүгө алынган объектте мыйзамсыз аракеттерди болтурбоо жана аныктоо үчүн негизги жоопкерчиликти алган аудиттин объектисинин жетекчилигин бул тууралуу кабардар кылууга тийиш.



# Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ЖӨБОнун ишмердүүлүгүнө тийгизген таасири

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

Бул макала элеттик муниципалитеттерде биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун (мындан ары – БМжБТ) ишинен пайдага байланыштуу бир катар татаал суроолорго жооп берүүгө аракет жасайт. Бул суроолордун арасында, мисалы, төмөнкүлөр бар: БМжБТ мүчөлөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде айкындуулуктун, ачыктыктын жана отчеттуулуктун жакшыруусуна чындап эле көмөктөшүп жатабы? Айыл өкмөт башчыларына, жергиликтүү кеңештин депутаттарына жана айыл жашоочуларына БМжБТ кандай жардам көрсөтүп жатат? БМжБ топторунун келечеги кандай болот? Бул макала үчүн маалымат чогултуу максатында 2017-жылдын февраль айында төрт айылдык аймакта үч максаттуу аудитория (топтор) менен 12 маектешүү өткөрүлгөн. Алар: АӨ башчылары, айыл өкмөттүн кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары; айыл жашоочулары; БМжБТ мүчөлөрү.

2015-жылдын жаз мезгилинен баштап Чүй облусундагы муниципалитеттер жергиликтүү жамаатты чечим кабыл алуу процессине, бюджеттик процесске, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине мониторинг жүргүзүү, жашоочулар үчүн артыкчылыктуу маселелерди чечүү процессине тартып келишти. Бул иштер Жарандарды бюджеттик процесске катышуу моделин жайылтуунун алкагында Долбоордун өнөктөштөрү болгон 12 максаттуу муниципалитетте жигердүү түрдө жүргүзүлүп келди. Аталган модель жамааттын муктаждыктарын аныктоону, ЖӨБ органдарынын ошол муктаждыктарды канааттандыруу боюнча иш-аракеттерди пландаштыруусун караштырат. ЖӨБО бул иштерди жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жана жарандардын жигердүү катышуусу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча өз милдеттенмелеринин алкагында аткарат. Өзгөчө жигердүү жарандар ЖӨБ органдарына артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча биргелешкен жетишкендиктерге, ЖӨБ органдарынын ишинин жыйынтыктарына көз салып, баалап турууга жардам беришет. Бул активисттер – биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун (БМжБТ) мүчөлөрү. Бул топтор айылдык кеңештин Токтому менен түзүлөт. Эрежеге ылайык, топтор 7-9 кишиден турат, алардын арасында жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, БӨУ, жергиликтүү кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жамааттагы абройлуу адамдар бар.

Айылдык аймактын чегинде өткөрүлгөн иш-чараларга мониторинг жүргүзөөрдөн мурда БМжБТ мүчөлөрү окуудан өтүшөт. “Жамааттарда мониторинг жүргүзүү жана өткөрүү” деп аталган бир күндүк тренинг БМжБТ мүчөлөрүнө мониторинг жүргүзүү, топтун мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттенмелери боюнча негизги талаптарды билип алууга жардам берет. БМжБ мүчөлөрү кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн инструменттарийлери менен иштөө үчүн баштапкы билимге жана көндүмдөргө ээ болушат. Тренингдерде

БМжБ тобунун мүчөлөрү мониторинг боюнча план жана график түзгөндү, мониторингдин жыйынтыктары боюнча отчет даярдаганды жана мониторинг боюнча башка бир катар маанилүү маселелерди чечкенди үйрөнүшөт.

Бардык максаттуу 12 муниципалитеттеги БМжБ топтору үчүн окуулар даяр иш пландары менен жыйынтыкталды. Ага жергиликтүү маанидеги маселелерди – жамааттардын артыкчылыктарын чечүү боюнча пландардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү, АӨ чогулуш тууралуу жарыяны "өзүнүн элпек жакын адамдары" же "дүжүр активисттер" үчүн гана эмес, бардык жашоочулар үчүн да жайгаштырганына ынануу максатында чогулуштардын уюштурулганына жана өткөрүлгөнүнө мониторинг жүргүзүү боюнча аныкталган иш-чаралар кирди. БМжБ топторунун мүчөлөрү жарыялар айылдын борборунда гана эмес, четинде да болуп-болбогонун текшеришти. ЖӨБ органдары конкурс аркылуу жалдаган подрядчылар аткарган ремонттук иштерге жүргүзүлгөн мониторинг өзгөчө маанилүү болду. Жамааттын катардагы өкүлдөрүнүн мындай жумуштарга жүргүзүлгөн мониторингге катышуусу айыл өкмөтүнө же мэрияга жумуштардын графикке ылайык аткарылышын дыкат көзөмөлдөөгө жардам берет. Активисттер көзөмөлдөөгө жигердүү катышкан чакта подрядчылар ишине жоопкерчиликтүү мамиле жасап, алган акысына жараша ишти бүтүрүүгө умтулушат.

### БМжБТ иши тууралуу маалымдуулук

Сурамжылоолор көрсөткөндөй, БМжБТ мүчөлөрү тууралуу маалымдуулук бардык топтордо ар башкача болгон. БМжБ топтору тууралуу баарынан жакшы ЖӨБО жетекчилери кабардар болушкан. Дээрлик бардык АӨ жетекчилери "БМжБТ мүчөлөрүн тааныйсызбы?" деген суроого алардын аты-жөнүн атап, иштеген жерин жана коомдук статусун (АК депутаты, АӨ кызматкери, жергиликтүү жамааттын лидери) айтып беришкен. Бул табигый көрүнүш. Анткени дал ушул ЖӨБ органдарынын жетекчилерине БМжБТ баарынан көп суроо берет, маалымат суратып алат, жамаатка берилген убадалардын аткарылышын талап кылышат.

Кокустан тандалып алынган жамаат мүчөлөрүнүн БМжБТ тууралуу маалымдуулугу орточо 41,8% түздү. БМжБТ тууралуу маалымдуулук жөнүндө пикирлер арасындагы айырмачылык минималдуу 22,2 пайыздан максималдуу 80,0% түздү. БМжБТ тууралуу эң көп маалыматка ээ жамаат Юрьевка айылдык аймагында болду (80,0%). Атүгүл айылда жашоочулардын көйгөйлөрү кантип чечилип жатканына мониторинг жүргүзгөн топ бар болгонун билген адамдар 20% болсо да, бул топтун бир жарым жылдык тажрыйбасы үчүн жакшы жыйынтык.

БМжБ топтору жасаган иштердин болгон түрлөрүн санап бере албаган ЖӨБ органдарынын жетекчилери болду. Топтордун лидерлери ушунун үстүнөн ишти улантышы керек. Алар мониторингдин жыйынтыктары тууралуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарына үзгүлтүксүз (квартал сайын) маалымат берип, зарыл болгон чакта ишти жакшыртуу боюнча сунуштарды жана жыйынтыктарды аткаруучуларга берип турушу керек. Калк үчүн БМжБ топторунун иши тууралуу маалымат эрежеге ылайык чогулуштарда берилет. Бул абдан туура. БМжБ топтору бардык чогулуштарда жана курултайларда дайыма чыгып турушу керек, алар артыкчылыктуу маселени чечүү боюнча, өнүктүрүү пландарынын аткарылышы боюнча ЖӨБ органдары чындап кандай иштерди жасап жатканы тууралуу маалыматтын туруктуу альтернативалуу булагы болуп калууга тийиш. Маалымат такталарына жана сайттарга текшерүүлөрдүн, мониторинг сапарларынын жыйынтыктары, б.а., БМжБ топторунун иши тууралуу маалыматтарды жайгаштыруу зарыл.

### БМжБТнын баалосу. БМжБТ менен ЖӨБ органынын кызматташтыгы

БМжБ тобунун ишинин жыйынтыктарын баалоо дагы сурамжылоонун предмети болуп калды. "Мониторинг жүргүзүүнүн пайдасы канчалык болду?" деген суроого 12 кишинин алтоо гана жооп бере алышты. Алар конкреттүү мисалдарды келтиришти. Мисалы, Александровка АА БМжБТнын сунуштарынан кийин бардык үч айылда тең жаңы маалымат такталарын кайра орнотушкан. БМжБТ мүчөлөрүнүн кыраакылыгынын арты менен асфальт өз убагында төшөлгөн, б.а., подрядчы каалагандай жаан-чачын убагында эмес. Мониторинг маалында активисттер буга жол берген эмес. Ак-Башат АА БМжБТ мүчөлөрүнүн кийилигишүүсүнөн кийин суу токтобогон колонка оңдолгон, анын тегерегиндеги тоңуп калган муз тазаланган. Александровка жана Юрьевка айылдык аймактарында клубдун төшөлмөсү жана дубалдары сырдалган, ошондой эле подрядчы техникалык көзөмөлдү түзгөндөн кийин гана эмес, БМжБТ текшергенден кийин да өткөрүп алуу актысына кол коюу тууралуу АӨ башчысынын сунушуна эч каршылыксыз макул болгон. Боролдой айылдык аймагында подрядчы ремонттолуп жаткан объекттин дубалдарын жана плинтусун оңдогон.

Сурамжылоонун катышуучуларына кызыктуу суроо узатылган: БМжБТ тарабынан мониторинг жүргүзүлбөсө, анда эмне болмок? БМжБТнын жоктугу ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатына терс таасирин тийгизмек. Бул ошондой эле айыл жашоочулары тарабынан ЖӨБ органына карата наразылыктын жана ишенбестиктин пайда болуусуна шарт түзмөк. Мисалы, Александровка айылдык аймагынын АӨ башчысынын орун басары эгерде БМжБТ болбогондо маалымат такталарында жайгаштырылган маалымат жылдап жаңыланмак эмес деп айткан. Юрьевка айылдык аймагынын АӨ башчысы АК депутаттары менен элеттиктер, айыл өкмөт башчысы менен депутаттар ортосунда чоң

пикир келишпестиктер пайда болмок деп божомолдоду. Сурамжылоонун катышуучусу, Боролдой АА жашоочусу "эч кандай кыймыл-аракеттер болбой, мындан улам эч кандай өсүш жана прогресс болбогондуктан бардык чөйрөлөрдө жылыш да байкалмак эмес" деген пикирин айтты. Сурамжылоонун катышуучусу, айылдык аймактардын бириндеги БМжБТ мүчөсү тендер өткөрүү маалында жана акча каражаттарын туура сарптоодо көп мыйзам бузуулардын бардыгы тууралуу суроого жооп берди. Бирок дал ушул мониторинг эрежелердин сакталышына көзөмөлдү күчөтүүгө жол берет.

Дагы бир маанилүү суроо БМжБТ ишин баалоого байланыштуу болду. "БМжБТ ишин кандай баалайсыз?" деген суроого бир айыл өкмөт башчыны кошпогондо, сурамжылоого катышкан АӨ башчылары оң баасын беришти. Сурамжылоонун катышуучуларынын айрым жоопторун сунуштайбыз. Александровка АӨ башчысынын орун басары жана БМжБТ мүчөсү: "БМжБТ жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен жамаат ортосунда көпүрөгө айланды. Жамаат коомдук иш-чараларга жигердүү катыша баштады. Ошондой эле БМжБТ бюджет айкындуулугу боюнча көп иштерди жасап, конкреттүү жыйынтыктар болду. Алар АӨ кызматкерлерине бюджет, АӨ иши тууралуу кандай маалымат качан берилиши керектигин, жергиликтүү кеңештин кайсы чечимдери жарыяланууга тийиш болгонун эскертип турушту". Ак-Башат жана Боролдой айылдык аймактарынын БМжБТ өкүлдөрү өз ыйгарым укуктарын жана милдеттенмелерин жакшы үйрөнүп калышканын, бул болсо аларга мониторинг жана баалоону сапаттуу жүргүзүүгө жардам берип жатканын айтышты. БМжБТ калк менен көбүрөөк иштешет, калкка маалымат жеткирет жана кайра байланышты түзөт. Юрьевка айылдык аймагынын БМжБТ мүчөсү подрядчылар алардын пикирин эске алаарын белгиледи: "алар кол учунан жасалган иш көңүл сыртында кала бербей турганын түшүнүштү. Себеби биз мониторинг жүргүзө турганыбызды дайыма эскертип турдук".

Башка бир суроо БМжБ өңдүү топтун зарылчылыгын баалоого арналды. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, анын катышуучуларынын 50% БМжБТ зарыл экенин айтышты. БМжБ тобунун бар болгонуна ЖӨБ органдары кызыкдар. Мисалы, Александровка жана Юрьевка айыл өкмөттөрүнүн жетекчилери БМжБТны толугу менен колдоп, алар менен кызматташышат: айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү кеңештин депутаттары, анын ичинде подрядчылар тууралуу маалымат беришет, БМжБТ менен кеңешишет, аларды курулуш материалдарын сатып алуу процессине тартышат, айыл өкмөт башчысы тарабынан чоң колдоо көрсөтүлүп турат.

Ак-Башат ААда БМжБ тобуна материалдык колдоо көрсөтүлгөн – БМжБТ төрагасына байге ыйгарылган. Боролдой ААда айыл өкмөтүнүн аппараты тарабынан дагы ар тараптуу колдоо көрсөтүлүп келет.

## БМжБТ ишинин туруктуулугу

Айыл өкмөт башчылары БМжБТ потенциалын жана маанилүүлүгүн да баалашкан. Ак-Башат айылдык аймагынын АӨ башчысынын орун басары: "АӨ калк менен иштешүүдө БМжБТнын ресурсун 100% түшүнөт. Анткени бардык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жакшырып жатпайбы жана бул биринчи кезекте бүтүндөй айылдык аймактагы адамдардын турмуш шартынын оңолуусуна таасирин тийгизип жатат. Бирок БМжБ тобу менен депутаттардын өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү маанилүү. Анткени топтун активисттери жергиликтүү маанидеги маселелердин чечилишин көзөмөлдөө жаатында депутаттарга өз милдеттерин дагы да сапаттуу аткарууга жардам берип жатканын азырынча бардык эле депутаттар баамдаша элек. Анткени бул активисттер көчөлөрдү кыдырышат, объекттерге барышат, кызмат көрсөтүүлөрдү баалап, адамдар менен жолугушат";

Александровка айылдык аймагынын АӨ башчысынын орун басары: "БМжБТ – бул ишенимдин жана контролдун, жамааттын айыл өкмөтүнө болгон ишениминин ресурсу. Бирок АК депутаттарынын айрымдары азырынча БМжБТнын ролун толук кандуу баалай элек";

Боролдой ААнын АӨ башчысы: "БМжБ тобунун жардамы менен айыл өкмөттөгү да, депутаттык корпустагы да кемчиликтер аныкталууда. Бул болсо ЖӨБ органына өз ишиндеги калпыстыктарды оңдоого жардам берип жатат".

Юрьевка айылдык аймагынын АӨ башчысы: "Жеке өзүм жөнүндө айта турган болсом, БМжБ тобунун иш жүзүндө эффективдүүлүгүн көрүп жатам. Бул топ бүтүндөй калк үчүн чоң пайда алып келүүдө. Бирок азырынча АӨнүн айрым кызматкерлери жана АК депутаттары топтун дараметин жана ресурстарын көрө албай жатышат. Болгону убакыт керек деп эсептейм. Айылдык кеңештеги үч депутат гана колдойт, алар өздөрү БМжБТ мүчөлөрү болуп эсептелишет. Ал эми айылдык кеңештин көпчүлүк депутаттары топтун ишине көп деле кызыга беришпейт".

БМжБТнын келечеги тууралуу суроо дагы сурамжылоо маалында өтө маанилүү болду. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, бардык катышуучулар БМжБ тобунун келечеги бар болгонун айтышкан. Сурамжылоонун катышуучулары белгилегендей, "БМжБ тобунун жардамы менен курулуш, ремонт, жарык берүү ж.б. иштер сапаттуу аткарылып жатат. Кандайдыр бир прогресс, илгерилөө байкалат, бардык пландалган иштер, долбоорлор өз убагында бүтөт. БМжБ тобунун келечеги сөзсүз болушу керек. Анткени бул айылдык аймактын өсүп-өнүгүүсү үчүн керек". Сурамжылоонун катышуучулары дагы бир суроого көңүл бурушкан: БМжБ тобунун келечеги кимден көз каранды болот? Боролдой айылдык аймагы "эгерде жумуштар айыл өкмөтү, айылдык кеңеш жана жашоочулар менен биргеликте ачык өткөрүлсө анда келечеги болот" деп жооп

кайтарышкан. Александровка айылдык аймагы: “бул БМжБТ мүчөлөрүнүн өздөрүнөн көз каранды, аларды эч ким мажбурлабашы керек, алар өздөрү демилге көтөрүп, активдүүлүгүн көрсөтүшү керек, жеке мен (АӨ башчысынын орун басары) жолугушуп, уюштуруу маселелерин талкуулоо үчүн дайыма убакыт табам, БМжБ тобунун бардык сунуштары жана эскертүүлөрү өз убагында аткарылат, БМжБТнын демилгелерин дайыма колдойм”. Ак-Башат ААнын АӨ башчысынын орун басары: “Айылдык кеңештин депутаттары, туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү топ менен биргеликте мониторинг жүргүзүшү керек. Ошондо аймактын бардык жашоочулары үчүн көп пайдасы болот”.

## БМжБТ ишиндеги көйгөйлүү маселелер

Сурамжылоонун жүрүшүндө БМжБ тобунун ишиндеги жана өнүгүүсүндөгү кыйынчылыктар аныкталды. Көйгөйлөр ар түрдүү – жигердүү жана ак ниет жарандардын катышуусун камсыздоодон баштап, БМжБ тобунун ишин уюштурууга колдоо көрсөтүүгө чейин. Көпчүлүк катышуучулар БМжБ тобунун мүчөлөрүнүн билим деңгээли тууралуу айтып, топко адистер мүчө болушу керектигин белгилешкен. Мисалы, түрдүү чөйрөлөрдөгү инженерлер, адистер, эксперттер чатырдын ремонтуна дефекттик актыны түзүүнүн сапатын, же суу түтүгүн оңдоого сметанын сапатын баалай алышмак. Атүгүл таза суу менен камсыздоого техникалык чечимге баа беришмек. Албетте, муниципалитеттин аймагында жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен чечилип жаткан маселе боюнча эксперт жашаса, анда болгон аракетти жумшап, ошол жашоочуну БМжБ тобуна кеп-кеңеш берүүгө чакырса болот. Ошону менен бирге мындай адисти БМжБ тобунун курамына сөзсүз эле кошуш керек эмес. Анткени бүгүн жолдун ремонту жөнүндө сөз болсо, эртең мектепте терезе-каалгаларды алмаштырууга туура келет жана ЖӨБ органдары жасап жаткан иштердин бардык түрлөрүнө мониторинг жүргүзгөн топтун курамын камсыздоо мүмкүн эмес. Анткен менен ЖӨБ органдары жасалып жаткан ремонттук-курулуш иштерге техникалык көзөмөлдү өздөрү камсыздоого тийиш. Бул жерде аткаруучу бийликтин ресурстарды бириктирүүгө көмөктөшкөнү маанилүү жана пайдалуу болот. Б.а., башынан эле техникалык көзөмөлдү БМжБ тобу менен тааныштырып, объектке чогуу барууну сунуштап, туруктуу диалог түзүшү керек.

## Тыянактар

Чүй облусунун максаттуу муниципалитеттериндеги БМжБТ иш практикасы бул топту натыйжалуу башкаруунун аспабы катары ЖӨБ системасына киргизүү зарылдыгын көрсөттү. ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн айкындуулугун, отчеттуулугун, сапатын камсыздоо максатында түзүлгөн бул аспап жарандарга көп пайдасын тийгизет. Мисалы, жарандарга ЖӨБ органдарынын ишинин, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына таасир тийгизүүгө жардам берет. Бул болсо ЖӨБ органдарынын ишинин ачык болушуна жана алардын дал ушул жергиликтүү жамаат алдында отчеттуу болушуна көмөктөшөт.

Чүй облусундагы муниципалитеттердин коомчулук менен биргелешкен мониторинг жана баалоону жайылтуу чөйрөсүндөгү тажрыйбасы мындай структураны түзүүдө жана ишти уюштурууда төмөнкүлөр маанилүү болгонун көрсөттү:

- БМжБТ курамын тандап алууга өзгөчө көңүл бурулуш керек; бул топто ак ниет жана таза адамдар гана эмес, ошондой эле иштеген жана жигердүү, өз муниципалитети үчүн чындап күйгөн адамдар болууга тийиш;
- БМжБ тобунун мүчөлөрүнүн саны 5-7 кишиден ашпашы керек, бирок алар командада мониторинг жана баалоо боюнча иш планын аткарууга даяр, жигердүү болуп, зарыл документтерди, мисалы, мониторинг тууралуу актыларды даярдоо жана тариздөө иштерин кечиктирбеши керек;
- БМжБТ менен жергиликтүү кеңеш ортосунда дагы да бекем байланыш түзүлүшү керек, анткени дал ушул жергиликтүү кеңеш БМжБТ ишинин жыйынтыктарын толук өлчөмдө колдонгон орган болуп эсептелет;
- коомдук иш-чаралар (чогулуштар, коомдук угуулар, курултайлар, жергиликтүү кеңештердин сессиялары) жана маалымат такталары аркылуу БМжБТ ишинин жыйынтыктарын кеңири жайылтуу боюнча ишти жолго салуу зарыл. Себеби жергиликтүү тургундардын басымдуу бөлүгү БМжБТ тууралуу билбеши мүмкүн. Бирок бул өтө маанилүү – адамдар БМжБ тобунун ар бир мүчөсүн таанышы керек;
- ЖӨБ органдары (АӨ жана жергиликтүү кеңеш) моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүү менен, БМжБТ мүчөлөрүнүн ишине дем берип, аларды шыктандырып турушу керек. Мисалы, коомдук иш-чараларда (чогулуш, угуулар, курултай, жергиликтүү кеңештердин сессиялары) Ардак грамоталары жана сыйлыктар менен белгилей алат. Мүмкүн болушунча материалдык сый акыны караштырып көрүү зарыл.

БМжБ тобунун потенциалын ЖӨБ органдары баалашты. Бирок баары эле эмес. Долбоор журналдын окурмандары Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун максаттуу муниципалитеттери болгон Чүй облусунун ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн тажрыйбасын колдоно алат деп ишенет (байланыш жолдорун Долбоордун www.vap.kg сайтынан таба аласыз).

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

**Нуржан МАМЫРАЛИЕВА, ӨСИнин укук маселелери боюнча адиси жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси**

## Кыймылсыз мүлккө укукту мамлекеттик каттоо жөнүндө

2017-жылдын 10-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Кабыл алынган Мыйзам менен "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" КР Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди. Ага ылайык, укукту белгилөөчү документтерди чыгарган органдар Кадастр департаментинин жергиликтүү каттоо органына ошол документтерди милдеттүү түрдө берүүгө (электрондук жана кагаз жүзүндө) тийиш. Ошондой эле мындай документтерди бербегени же өз убагында жибербегени үчүн санкцияларды киргизүү каралган.

Муну менен мындан ары ушул мыйзамга ылайык, кыймылсыз мүлккө укукту белгилөөчү жана укукту чектөөчү документтерди (жер казына участокторун кошпогондо) жол-жоболоштуруучу жана берүүчү мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бул документтердин көчүрмөлөрүн беш күндүк мөөнөттө кыймылсыз мүлк бирдиги жайгашкан жердеги жергиликтүү каттоо органдарына электрондук жана кагаз жүзүндө жөнөтүүгө милдеттүү болот. Укук белгилөөчү жана укукту чектөөчү документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн бербегени же өз убагында жибербегени үчүн маморган же ЖӨБ органы КР административдик мыйзамдарында каралган тартипте жоопкерчиликке тартылат. Ошондуктан кабыл алынган Мыйзам менен жооптуу ыйгарым укуктуу адам укук белгилөөчү жана укукту чектөөчү документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн бербегени же өз убагында жибербегени үчүн санкцияларды киргизүү бөлүгүндө Административдик жоопкерчилик тууралуу Кодекске өзгөртүүлөр киргизилет.

## Муниципалдык кызмат жөнүндө

Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жарандардын кесипкөй кызматтык ишинин уланмалуулугун, туруктуулугун жана көз карандысыздыгын камсыз кылуу максатында, «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №709 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" токтому менен төмөнкү жоболор бекитилди.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө жобо.** Бул Жобо мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик бош кызмат орунун ээлөө үчүн конкурс өткөрүүнүн шарттарын, тартибин жана кызматка көтөрүлүүнүн жол-жоболорун аныктайт. Жобого ылайык, мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кирүү конкурстук негизде жүзөгө ашырылат. Бул жобо ички жана Улуттук кадрлар резервдеринде турган адамдардын арасында конкурс жана ачык конкурс өткөрүү шарттарынын тартибин аныктайт.

**Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптар.** Административдик кызмат орундарына милдеттүү типтүү квалификациялык талаптар төмөнкүлөргө карата талаптарды камтыйт: кесиптик билимге; административдик кызмат орундарынын тобун жана категориясын эске алуу менен мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажына же адистиги боюнча иш тажрыйбасына; КР жалпы мыйзамдарын билүүгө; кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн керектүү көлөмдө мамлекеттик жана расмий тилдерди билүү, ошондой эле чет тилди билүү (зарыл болгондо); тиешелүү чөйрөдө билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуу.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчысынын жана муниципалдык кызматчысынын типтүү кызматтык нускамасы.** Типтүү кызматтык нускама тигил же бул кызмат орундарына талапкерлерге карата квалификациялык талаптарды, кызматчынын иш-милдеттерин, инсандык сапаттарын, анын укуктарын, милдеттерин, жоопкерчилик чөйрөсүн аныктайт.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын Улуттук кадрлар резервин түзүүнүн жана иштешинин тартиби жөнүндө жобо.** Жобо КР мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын Улуттук кадрлар түзүүнүн жана иштешинин укуктук негиздерин жана тартибин аныктайт. Улуттук резерв өзгөчө тартипте (конкурстан тышкары) дайындалуучу кызмат орундарын ээлөөдө, ошондой эле саясий кызмат орундарына дайындоодо колдонулушу мүмкүн.

**Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ички кадрлар резервин түзүүнүн жана иштешинин тартиби жөнүндө жобо.** Жобо мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ички кадрлар резервин түзүүнүн жана иштешинин тартибин аныктайт. Жобого ылайык, ички резерв – мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кенже, улук жана башкы административдик мамлекеттик кызмат орундарын жана административдик муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлердин (резервдегилердин) тобу.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларын жана муниципалдык кызматчыларын ротациялоо тартиби жөнүндө жобо.** Жобо айрым административдик кызмат орундарына кирүүнүн өзгөчө тартиби (конкурстан тышкары) белгиленген кызматчыларды кошкондо, мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын тутумунда административдик кызматтарды ээлеген кызматчыны ротациялоонун шарттарын жана тартибин аныктайт. Ротациялоо кызматчы которулуп же жылдырылып жаткан кызмат орунуна коюлган квалификациялык талаптарга ылайык келүү шартында жүргүзүлөт.

**Административдик мамлекеттик бош кызмат орундарын жана административдик муниципалдык бош кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлерди тестирлөө тартиби жөнүндө жобо.** Жобо бош кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлерди тестирлөөнүн тартибин белгилейт. Тестирлөө анын катышуучуларынын кесиптик даярдыгын, квалификациясын, КР мыйзамдарын билишин калыс жана ачык баалоо максатында жүргүзүлөт. Жободо мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тестирлөөнү уюштуруу боюнча функциялары каралган.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчысынын жана муниципалдык кызматчысынын өздүк ишин жүргүзүүнүн тартиби.** Тартип мамлекеттик жарандык кызматчынын жана муниципалдык кызматчынын жеке маалыматтарын жүргүзүү, сактоо, берүү жана ар кандай башка пайдалануунун, ошондой эле өздүк ишин жүргүзүүнүн эрежелерин аныктайт. Жеке маалыматтар купуя мүнөздөгү маалыматтар болуп саналат. Жумуш берүүчүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырып жаткан мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчилиги кызматчылардын өздүк ишинде камтылган жеке маалыматтарды укуксуз пайдалануудан жана жоготуп жиберүүдөн корголушун камсыз кылат.

Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу максатында, «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №674 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоону камсыз кылуу маселелери жөнүндө” Токтому менен төмөнкү жоболор бекитилди.

**КР мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышына мониторинг жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо.** Мамлекеттик жарандык кызмат жана мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарды сактоого мониторинг жүргүзүү үчүн Мамлекеттик кадр кызматынын жетекчисинин буйругу менен жыл сайын маморгандарга жана ЖӨБОго мониторинг жүргүзүү планы бекитилет. Мониторинг планы бекитилгенден кийин үч жумушчу күндүн ичинде маморганга жана ЖӨБОго жиберилет. МКК жетекчисинин буйругу менен мониторингди жүргүзүү мөөнөтүн белгилөө менен жумушчу комиссия түзүлөт. Мониторингди жүргүзүүдө жумушчу комиссиянын курамына башка мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун кызматкерлери киргизилиши мүмкүн.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык текшерүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо.** Ушул Жобо мамлекеттик жарандык кызматчылардын же муниципалдык кызматчылардын тартиптик жоруктарды жасаган фактылары боюнча кызматтык териштирүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартибин аныктайт. Эгерде кызматтык териштирүүлөрдү жүргүзүү боюнча атайын бөлүм жок болсо, анда териштирүү мамлекеттик кызматчы иштеген мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси түзгөн мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тиешелүү комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

**Мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын маалыматтык базасын жүргүзүү жана материалдык зыяндын ордун толтуруу тартиби.** Ушул тартип мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларынын маалыматтык базасын түзүүнүн жана жүргүзүүнүн, ошондой эле мамлекетке келтирилген материалдык зыяндын ордун

толтуруунун негиздерин аныктайт. Маалыматтык базаны түзүүнүн жана колдонуунун максаты болуп мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана жалпылоо саналат. Бул маалыматтар кийин Мамлекеттик кадр кызматынын сайтында жарыяланат.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар тарабынан протоколдук иш-чараларга, кызматтык иш сапарларга жана башка расмий иш-чараларга байланыштуу алынган белектерди өткөрүп берүү тартиби жана аларды сатып алуу эрежелери жөнүндө жобо.** Ушул Жобо КР мамлекеттик органынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат орунун ээлеген адамдар тарабынан протоколдук иш-чараларга, кызматтык иш сапарларга жана башка расмий иш-чараларга байланыштуу алынган белектерди өткөрүп берүү тартибин жана аларды сатып алуу эрежелерин аныктайт. Жобого ылайык, тарыхый, көркөм, илимий, маданий же эстетикалык баалуулукка ээ болгон, жалпы көрүү үчүн багытталган буюмдар белектер деп эсептелет.

## Муниципалдык кызматчынын стажы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 6-январындагы №8 “Иштеген жылдары үчүн кызматтык маянага үстөк акыларды төлөө үчүн мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын стажын эсептөө тартиби жөнүндө” жобо бекитилди. Жобого ылайык, мамлекеттик кызматчынын жана муниципалдык кызматчынын мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында өтөгөн кызматынын жалпы узактыгы мамлекеттик кызматтын жана муниципалдык кызматтын стажы деп түшүнүлөт. Иштеген жылдары үчүн кызматтык маянага ай сайынкы үстөк акыны төлөө үчүн иш стажы эмгек стажын белгилөө боюнча комиссия тарабынан аныкталат. Эмгек стажын белгилөө боюнча комиссиянын курамы, ошондой эле анын иш тартиби мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан аныкталат.

## Айыл өкмөтүнүн башчыларын жана мэрлерди шайлоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 Токтому менен “Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө” Жобо бекитилди. Жобо “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын жана “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумду өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР Мыйзамынын ченемдерин ишке ашыруу максатында иштелип чыкты. Жобо айыл өкмөтүнүн башчысы кызматына талапкерди каттоо, шайлоолорду уюштуруу, өткөрүү, добуш берүү, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоо жыйынтыктарын аныктоо, аларды жарыялоо, кайра шайлоо өткөрүү ж.б. тартибин аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 Токтому менен “Шаардын мэрин шайлоонун тартиби жөнүндө” Жобо бекитилди. Жобо “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамын жана “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумду өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР Мыйзамын ишке ашыруу максатында иштелип чыкты. Жобо шаардын мэри кызматына талапкерди каттоо, шайлоолорду уюштуруу, өткөрүү, добуш берүү, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоо жыйынтыктарын аныктоо, кайра шайлоо өткөрүү, шаар мэрин шайланбай калуусунун кесепеттерин, шайланган шаар мэринин кызматка киришүү тартибин аныктайт.

## ЖӨБ органдарын текшерүүлөр жөнүндө

**Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 31-мартындагы №32 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамынын аткарылышын контролдоо тууралуу» Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитеттин 2017-жылдын 31-январындагы**
**ЧЕЧИМИ**

Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитети (мындан ары-Комитет) Жогорку Кеңештин депутаты, Комитеттин мүчөсү К.С.Бокоевдин сунушуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 76-беренесинин 2-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан контролдук иш-милдеттерди жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесин жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 114-беренесин жетекчиликке алып, Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын жана чечимдердин жүзөгө ашырылышы боюнча контролдук функцияларды ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн (мындан ары-Өкмөт) жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын (мындан ары-Башкы прокуратура) «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы тууралуу» маалыматын карап чыгып, төмөнкүлөрдү белгилейт.

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (мындан ары-Мыйзам) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан (мындан ары-Жогорку Кеңеш) 2016-жылдын 18-февралында кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти (мындан ары-Президент) тарабынан 2016-жылдын 31-мартында кол коюлган, «Эркин-Тоо» гезитине 2016-жылдын 13-апрелиндеги №31 номерине жарыяланган жана 2016-жылдын 24-апрелинен тартып юридикалык күчүнө кирген.

Көрсөтүлгөн Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгү менен Өкмөткө төмөнкүлөр тапшырылган:

- Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып бир айдын ичинде Жогорку Кеңешке бекитүү үчүн төмөнкүлөрдү белгиленген тартипте киргизсин:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландык жана пландан тышкаркы текшерүүнү, контролдук текшерүүнү жана кайра текшерүүнү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмегин;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландан тышкаркы текшерүүнү, контролдук текшерүүнү жана кайра текшерүүнү жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмегин.

Ошондой эле Өкмөткө жана тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр тапшырылсын:

1) өз ченемдик укуктук актылары ушул Мыйзамга шайкеш келтирилсин;

2) ушул Мыйзамды аткаруу үчүн зарыл болгон башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынсын.

Мындан тышкары, жогоруда аталган Мыйзамдын 4-бөлүгү менен Башкы прокуратурага ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып бир айдын ичинде:

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландык жана пландан тышкаркы текшерүүлөрдү макулдашуунун механизмин иштеп чыгуу;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдүн бардык түрлөрүнүн бирдиктүү эсебин прокуратура органдары тарабынан жүргүзүүнүн тартибин кабыл алуу тапшырылган.

Ушуга байланыштуу, Өкмөт тарабынан вице-премьер-министр Ж.П.Разаковдун колу коюлган (2017-жылдын 25-январындагы кир.№6-1847/17) жана Башкы прокуратура тарабынан Башкы прокурордун биринчи орун басары К.Токтогуловдун колу коюлган (2017-жылдын 26-январындагы кир.№6-1893/17) жогоруда аталган Мыйзамдын аткарылышы жөнүндө маалымат берилген.

Комитет Өкмөт жана Башкы прокуратура тарабынан каралып жаткан Мыйзамдын жоболорунун аткарылышын талдап көрүп, ушул органдар жана алардын кызмат адамдары Мыйзамдын 28-беренесинин 2, 3 жана 4-бөлүктөрүнүн аткарылышын өз убагында камсыз кылбагандыгын белгилейт, бул Мыйзам жоболордун көпчүлүк бөлүгүн жүзөгө ашырылышынын токтоп калышына алып келген.

Мисалы, Өкмөттүн маалыматына ылайык, жогоруда айтылган Мыйзамдын 15-беренесинин 3-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, Өкмөттүн 2016-жылдын 15-июлундагы №398 «Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин формасын жана текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун тартибин бекитүү жөнүндө» токтому кабыл алынган.

Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн аткарылышы тууралуу Өкмөт Өкмөттүн алдындагы Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары-ЖӨБЭММА) тарабынан «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмесин жактыруу жөнүндө» токтомунун долбоору иштелип чыккандыгын маалымдайт.

Өкмөттүн жогоруда аталган токтомунун долбоорун Башкы прокуратура менен макулдашуунун жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин (мындан ары - Премьер-министр) 2016-жылдын 4-апрелиндеги №154 буйругу менен түзүлгөн укук коргоо органдары жана салык органдары тарабынан ишкердик субъекттердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын ишин негизсиз текшерүүлөрдөн укуктук коргоону караштырган мыйзам ченем актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топтун иши аяктаганга чейин бул документти иштеп чыгууну токтото туруу жөнүндө сунуш киргизилген. Ушул кырдаал Мыйзамдын аткарылышынын токтотушуна алып келген.

Мындан тышкары, 2016-жылдын 20-июнунда Премьер-министрдин төрагалыгынын астында укук коргоо органдарынын, Башкы прокуратуранын жана башка кызыктар мамлекеттик органдардын катышуусу менен жумушчу жыйын өткөрүлгөн, анда ведомстволор аралык жумушчу топтун ишинин жыйынтыгы боюнча чечим кабыл алуу жөнүндө да ойлор айтылган.

Ушуга байланыштуу, Комитет Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ченемдик укуктук актылар алар күчүнө кирген күндөн тартып Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында колдонулат жана аткарылууга жатат. Бул жерде ушул Мыйзамдын 9-беренесинин 3-жана 4-бөлүктөрү менен колдонуу мөөнөтү бүтүндөй ченемдик укуктук акт же анын структуралык айрым элементи үчүн белгилениши мүмкүн.

Ченемдик укуктук актынын же анын структура-

лык айрым элементинин колдонулушу белгилүү бир мөөнөткө токтото турулушу мүмкүн. Ченемдик укуктук актынын же анын айрым структуралык элементинин колдонулушун токтото туруу ушул акты кабыл алган орган тарабынан өзүнчө ченемдик укуктук акт менен же ага ыйгарым укуктуу башка орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Көрсөтүлгөн Мыйзам Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган, демек анын колдонулушун толугу менен же айрым структуралык элементинин колдонулушун токтото туруу Жогорку Кеңеш тарабынан жүзөгө ашырылышы керек эле. Бирок Өкмөт тарабынан 2016-жылдын 20-июнунан тартып ушул күнгө чейин Жогорку Кеңештин кароосуна Мыйзамдын колдонулушун токтото туруу жөнүндө мыйзамдын тийиштүү долбоору киргизилген эмес.

Ошентип, Комитет Өкмөт да, Башкы прокуратура да алардын ыйгарым укуктарына кирбеген аракеттерди жүзөгө ашырууга укугу жок деген тыянакка келет, демек, каралып жаткан Мыйзам Өкмөт жана Башкы прокуратура тарабынан толугу менен аткарууга жаткан.

Муну менен катар, Өкмөт Конституцияга ылайык Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын толук тизмеси аныкталгандыгы, ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүү укугуна ээ ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмелерин бекитүү боюнча ыйгарым укуктарды камтыбагандыгын белгилейт.

Ушуга байланыштуу, Комитет Өкмөттүн 2016-жылдын 21-июлундагы №411 «Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмесин жактыруу жөнүндө» токтомуна ылайык ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмеси жактырылгандыгына, ал Жогорку Кеңештин кароосуна бекитүү үчүн киргизилгендигине (Жогорку Кеңештин 2016-жылдын 10-ноябрындагы №1057-VI токтому менен кабыл алынган) көңүл бурдурат. Жогорку Кеңештин бул ыйгарым укугу Кыргыз Республикасынын «Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүү тартиби жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренесинен келип чыгат.

Ушуга байланыштуу, Өкмөттүн позициясы Комитетке түшүнүксүз, ал эки окшош маселе боюнча эки жактуу стандарты колдонуп жатат.

Мындан тышкары, Өкмөттүн маалыматы тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүү жаатында ченемдик укуктук актылардын талаптарын түшүндүрүү боюнча региондук жолугушуулар 2016-жылдын августунда өткөрүлгөндүгү, анын жыйынтыгы боюнча Өкмөттүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, шаарлардын мэрияларына жогоруда аталган Мыйзамдын жетекчиликке алуу үчүн сунуштар берилгендиги тууралуу маалымдарды камтыйт.

Өз кезегинде, Башкы прокуратуранын маалыматына ылайык бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүнү жүзөгө ашыра турган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмеси Өкмөт тарабынан белгиленген типте Жогорку Кеңештин бекитүүсүнө киргизилген жок, себеби ЖӨБЭММА тарабынан иштелип чыккан тизмени бекитүү жөнүндө Өкмөттүн токтомунун долбоорун Башкы прокуратура тарабынан колдоого алынган эмес.

Каралып жаткан Мыйзамдын 28-беренесинин 4-бөлүгүн аткаруу боюнча Башкы прокуратура тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүлөрдүн бирдиктүү эсебин жүргүзүү тартибин жана текшерүүлөрдү макулдашуу механизмин караштырган буйруктун долбоору иштелип чыккан, ал ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмесин иштеп чыккан жана бекиткенден кийин тийиштүү мамлекеттик органдар менен макулдашылат.

Муну менен катар, Башкы прокуратура менен Өкмөт 2016-жылдын 15-мартында Президент «Ишкердик субъекттеринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин укук коргоо жана салык органдары тарабынан текшерүүдө аларды укуктук коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө» №58 Жарлыкка кол койгондугу жөнүндө маалымдашты.

Белгиленген Жарлыкты ишке ашыруу алкагында, 2016-жылдын 27-июлунда Өкмөт тарабынан №417 «Ишкердик субъекттерине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата укук коргоо жана салык кызматы органдары тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөрдү каттоонун убактылуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтому кабыл алынган.

Жогоруда аталган ченемдик укуктук актыларды аткаруу үчүн Башкы прокуратура тарабынан 2016-жылдын 1-августундагы №35 «Прокуратура органдары тарабынан ишкердик субъекттердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүү жөнүндө укук коргоо жана салык органдарынын актыларын каттоо (эсепке алуу) тартиби жөнүндө» буйругу чыгарылган, ал төмөн турган прокуратураларга жөнөтүлгөн.

Бирок Комитет Башкы прокуратура тарабынан жогоруда аталган буйрукту кабыл алуу каралып жаткан Мыйзамдын 19- жана 20-беренелеринин өз убагында аткарылышына алып келбегендигин, ага ылайык:

- Башкы прокуратурага жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине пландык текшерүүнү жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ар жылдык планын макулдашуу функциялары;
- прокуратура органдарынын аймактык бөлүктөрүнө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине пландан тышкаркы текшерүүлөрдү жүргүзүүнү макулдашуу, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, анын ичинде прокуратура органдары ишке ашыруучу текшерүүлөрдүн бардык түрлөрүн бирдиктүү эсепке алуу функциялары жүктөлгөндүгүн белгилейт.

Комитет Конституциянын 88-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Өкмөттүн негизги багыты – коомдун кызыкчылыктарын, калктын, анын ичинде жергиликтүү коомчулуктардын жана ЖӨБ органдарынын суроо-талаптарын жана муктаждыктарын канааттандырууга багытталган башкаруу ишинин

жүрүшүндө мамлекеттин Конституциясынын жана мыйзамдарынын иш жүзүндө аткарылышын уюштуруу экендигин белгилейт.

Өз кезегинде, мамлекеттик аткаруу бийлик органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан өз функционалдык милдеттерин аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо же алардын аракетсиздиги жергиликтүү коомчулуктардын мүчөлөрүнүн жана ЖӨБ органдарынын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келиши мүмкүн.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан контролдук иш-милдеттерди жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык мыйзамдардын талаптарын аткарбоо же бузуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган жазыктык, административдик, жарандык жана тартиптик жоопкерчиликке алып келет.

Мамлекеттик аткаруу бийлик органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан мыйзамдардын так жана бирдей аткарылышын көзөмөлдөө боюнча Мыйзам тарабынан белгиленген ыйгарым укуктарынын бар экендигине карабастан, прокуратура органдары мыйзамдарды бузган же аткарбаган фактылары боюнча жетиштүү чараларды, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Административдик кодексинин 400- жана 556-1 статьяларында каралган тартипте административдик укук бузуу жөнүндө иш козгоо тууралуу чараларды көргөн эмес.

Муну менен катар, Комитет акыркы 3 жыл ичинде аткаруу бийлигинин биринчи жетекчилери комитеттердин жана Жогорку Кеңештин жыйындарында Жогорку Кеңештин депутаттары Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамдардын жана чечимдердин жоболорун өз убагында аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жеке жоопкерчилик жөнүндө көтөргөн маселелерге Кыргыз Республикасынын тигил же бул ченемдик укуктук актыларын аткаруу таандык болгон министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилери көпчүлүк учурда алар жакында эле даярдалгандыгын аргумент кылышарын баса белгилейт.

Бирок Комитет бул аргументти орунсуз деп эсептейт, себеби Кыргыз Республикасынын министрликтеринде жана ведомстволорунда министрлерден, мамлекеттик комитеттердин, мамлекеттик кызматтардын, фонддордун, мамлекеттик инспекциялардын төрагаларынан, мамлекеттик агенттиктердин директорлорунан тышкары узак убакыт бою ушул кызмат орундарында иштеген (3-5 жыл) алардын орун басарлары, статс-катчылары, бар экендиги жана милдеттерди бөлүштүрүүгө ылайык жетектеген багыттары боюнча алар да Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын жана чечимдердин жоболорун өз убагында аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жеке жоопкерчилик алыш керек.

Мындан тышкары, Комитет Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна «Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жөнүндө» жана «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболоруна ылайык Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурорлоруна каралып жаткан Мыйзамдын 19- жана 20-беренелеринин өз убагында аткарылбай калышына алып келген өз кызматтык милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн тартиптик жоопко тартууну сунуш кылуу максатка ылайык деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Комитет төмөнкүдөй чечимге келди:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесинин 5-пунктун, 7-беренесинин 1-бөлүгүн, 19- жана 20-беренелерин, 28-беренесинин 2, 3 жана 4-бөлүктөрүн аткаруу камсыз кылынбагандыгы белгиленсин;

2) Кыргыз Республикасынын Премьер-министри «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдын 18-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17, 25 жана 26- пункттарынын жана 22-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9-пунктунун негизинде министрлердин, мамлекеттик комитеттердин, мамлекеттик кызматтардын, фонддордун, мамлекеттик инспекциялардын төрагаларынын, мамлекеттик агенттиктердин директорлорун, алардын орун басарларын жана статс-катчыларын жогоруда айтылган Мыйзамдын тийиштүү жоболорун аткарбагандыгы үчүн ээлеп турган кызмат ордуларын бошотууга чейин баруу менен жеке тартиптик жоопкерчиликти караштырсын;

3) Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору «Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна, 49-беренесине жана «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 33, 34-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын прокурорлоруна каралып жаткан Мыйзамдын жоболорунун өз убагында эмес жана толук эмес аткарылгандыгы үчүн тартиптик жоопкерчиликти караштырсын;

4) Кыргыз Республикасынын Премьер-министри жана Башкы прокурору Комитетке ушул Чечимдин резолюциялык бөлүгүндөгү 2- жана 3-пункттарын аткаруу боюнча кабыл алынган чечимдердин жыйынтыктары жөнүндө ушул Чечим кабыл алынган күндөн тартып бир айдын ичинде маалымат берсин;

5) Комитеттин ушул Чечиминин көчүрмөсү төмөнкүлөргө жөнөтүлсүн:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин күн тартибинин долбооруна киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Координациялык кеңешине;
- Кыргыз Республикасынын Премьер-министрине жана Кыргыз Республикасынын Башкы прокуроруна аткаруу үчүн.

**Комитеттин төрайымы А. КОДУРАНОВА**




# Маалыматтык бюллетендердин марафону

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси
**Нургуль ЖАМАНКУЛОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси

2016-жылдын башынан тарта Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик прцоесс” долбоорунун (мындан ары – Долбоор) алкагында Чүй облусунун муниципалитетинин мыкты маалыматтык бюллетени үчүн конкурс башталган. Маалыматтык бюллетенди даярдоодо жана чыгарууда максималдуу эффективдүүлүккө жетүү максатында тренингге катышкан муниципалитеттер арасында конкурстун алкагында атайын белектер белгиленди. Жеңүүчүлөргө бюллетенди даярдап, чыгаруу үчүн зарыл болгон түстүү принтер жана түстүү фотоаппарат түрүндө белектер тапшырылды.

2017-жылдын февралында конкурстун жеңүүчүлөрү белгилүү болду. Алар бул мезгил аралыгында маалыматтык бюллетендин эки чыгарылышын даярдап, мыкты дизайн жана мазмуну үчүн эң көп балл алышкан. Ушул макалада биз сиздерге бул жеңишке кантип жетишкенин, маалыматтык бюллетенди кантип даярдап, чыгарыш керектигин кенен айтып беребиз.

Эмесе, баары Чүй облусунун максаттуу жана максаттуу эмес муниципалитеттериндеги 36 ЖӨБ органынын өкүлдөрүн окутуудан башталган (1-сүрөт). Алар үчүн 2016-жылдын сентябрында “ЖӨБ органынын маалыматтык бюллетенин уюштуруу, даярдоо жана басып чыгаруу боюнча практикалык көндүмдөр” темасына тренинг өткөн. Тренингдин негизги максаты – маалыматтар менен алмашууну жана жарандык катышууну күчөтүү, ЖӨБ органдарынын ишинде айкындуулукка жана

ачыктыкка жетүү. Ошондой эле тренинг “КР мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын карамагында турган маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө” КР Мыйзамынын 20-беренесинин жарандардын ЖӨБ органдарында болгон маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо бөлүгүндөгү талаптардын аткарылышын камсыздоо максатын көздөдү. Тренинг алдына төмөнкүдөй тапшырмаларды койду: ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнө муниципалитеттин бюллетенин даярдоо боюнча жаңы билимдерди берүү жана практикалык көндүмдөргө үйрөтүү, компьютердик көндүмдөргө жана маалыматтык баракчанын дизайнынын негиздерине үйрөтүү, муниципалитеттердин бюллетенинин үлгү-мисалдарын даярдоо.

Эки күндүк тренингде муниципалитеттер географиялык жайгашуусу боюнча Батыш жана Чыгыш деп бөлүштүрүлдү. Тренингге АӨ жана шаар мэрияларынын кызматкерлеринин ичинен 67 киши катышты. Жалпысынан Долбоордун максаттуу муниципалитеттеринен 11, максаттуу эмес муниципалитеттеринен 25 киши катышты. Ар бир муниципалитеттен экиден киши катышты, максаттуу эмес муниципалитеттерден тренингдин катышуучусун тандап алуу бир критерийдин негизинде жүрдү – Долбоордун түрдүү конкурстарына жана окутуучу тренингдерине жигердүү катышкандар тандалып алынды.

Катышуучулар тренингдин теориялык бөлүгү менен таанышты: “Муниципалдык маалыматтык бюллетендин мазмунун түзүү (түрмөктөр, маалымат булактары, маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө мыйзам, мисалдар ж.б.)”, “Microsoft Word жана Publisher программасында бюллетенди даярдоодо компьютердик көндүмдөр”, “Дизайндын негиздери. Биргелешкен аракеттер планын (БАП) аткаруу тууралуу маалыматтык баракчаны даярдоо практикасы”.

Тренингдин негизги бөлүгү маалыматты иштеп чыгуу жана даярдоо, мазмунун иштеп чыгуу, тексттерди жазуу жана редакциялоо боюнча практикалык көндүмдөргө арналды. Ошондой эле катышуучулар бюллетендерди даярдоо процессинде колдонуу үчүн сүрөттөрдү, сандарды, таблицаларды жана башка графикалык элементтерди даярдоо жана кайра иштеп чыгуу боюнча кошумча билим алышты. Окуунун соңунда катышуучулар алгачкы бюллетендердин долбоорлорун даярдашты. Ар бир муниципалитеттен бирден өкүл өзү даярдаган долбоорду экранда көрсөтүп берди. Ар бир долбоордун оң жактары жана кемчиликтери талкууланып, катышуучулар ой-пикирлерин ачык айтып, долбоорлордо маалыматты берүү үчүн кызыктуу чечимдерди сунуштап, Долбоордун консультанттары да өз сунуштарын беришти.

Даярдалган маалыматтык бюллетендердин жыйынтыгы боюнча, даяр баракчалардын артыкчылыктарына жана кемчиликтерине анализ жасоонун негизинде тренер бюллетенди жол-жоболоштуруу боюнча сунуштарын берди. Биринчи кезекте алдын ала төмөнкүлөрдү даярдап алыш керек: текстти (жаңылыктарды жана материалдарды, Маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө Мыйзамдын 20-беренесине ылайык жарыялануга тийиш болгон маалыматтарды жана документтерди), диаграммаларды, таблицаларды жана сүрөттөрдү. Муну менен катар орфографиясына өзгөчө көңүл буруу зарыл:

- материалдын тексттерин даярдаганда жаңылыктардын чоо-жайына, актуалдуулугуна, ишенимдүүлүгүнө жана тактыгына өзгөчө көңүл бурулушу керек;
- барактардын макетин, колонтитулун жана номерлештирүүнү иштин башында белгилеп алыш керек;
- баш темалардын жана рубрикалардын аталыштарынын визуалдык жагымдуулугун арттырып, бир түргө келтирүү үчүн ажыратуу функциясын колдонуу менен тик тилкени колдонуу керек;
- Microsoft Office – Picture Manager пакетиндеги сүрөттөр менен иштөө үчүн программаны колдонуу менен окуяга ЧЕЙИНКИ сүрөттөрдү редакциялап (ачыктыгы, контрасты, көлөмү, түсү ж.б.) алуу зарыл;
- сүрөттөр үчүн алкактарды бюллетендин башкы тематикасына жараша тандаш керек («аза күтүүдө» колдонулган алкактарды колдонуудан оолак болуңуз), ушуну менен бирге эгерде тематикасына шайкеш келбесе, ашыкча көлөкө түшүрүүдөн жана бурчтарын кескилөөдөн качуу зарыл;
- барактар ариптердин көлөмүн жана тибин эсепке алуу менен бир кылка толтурулуш керек, ариптер окумдуу болууга тийиш;
- тексттердин арасына сүрөттөр кошулуп, бирок ошол эле маалда алар өтө көп болбош керек.
- жарыялар жана жаңылыктар маанилүүлүгүнө жараша тариздемиш керек, мында Clip Art, Word Art жана Smart Art элементтери

**Конкурстун жыйынтыгы боюнча Чыгыш жана Батыш топтору боюнча төмөнкү муниципалитеттер жеңүүчү деп табылып, жалпы суммасы 100 000 сом болгон байгелерди алышты:**

| Муниципалитет | Району | Долбоордогу статусу | Ээлеген орун | Байге |
|---|---|---|---|---|
| Күн-Туу АА | Сокулук | Максаттуу | 1-орун | Фотоаппарат Түстүү принтер |
| Кочкорбаев АА | Ысык-Ата | Максаттуу | 1-орун | Фотоаппарат Түстүү принтер |
| Бурана АА | Чүй | Максаттуу | 2-орун | Түстүү принтер |
| Кызыл-Туу АА | Сокулук | Максаттуу | 2-орун | Түстүү принтер |
| Талды-Булак АА | Жайыл | Максаттуу эмес | 3-орун | Фотоаппарат |
| Кызыл-Октябрь АА | Кемин | Максаттуу эмес | 3-орун | Фотоаппарат |
| Курама АА | Панфилов | Максаттуу эмес | 4-орун | Флешка |
| Суусамыр АА | Жайыл | Максаттуу эмес | 4-орун | Флешка |
| Кең-Булуң АА | Ысык-Ата | Максаттуу эмес | 4-орун | Флешка |




колдонулушу шарт;

- маалыматтык бюллетенди даярдоо жана чыгаруу үчүн жооптуу адамдар менен байланыш жолдору, алардын аты-жөнү сөзсүз жазылышы керек.

Катышуучулардын бардыгынын билим жана компьютердик техника менен иштөө деңгээли бирдей болгонун белгилей кетүү зарыл – жөнөкөй колдонуучулар, көптөрү MS Word программалык камсыздоосу менен иштөөнүн элементардык көндүмдөрүн да билишпейт. Анткен менен, тренингдин катышуучуларынын көбү практикада маалыматтык бюллетендин дизайнын даярдоо жана жакшыртуу боюнча болгон аракетин жумшап, жогорку активдүүлүгүн жана бул жаатта ишти улантууга чоң кызыкдарлыгын көрсөтө алышты. Алар мындан ары да өз муниципалитеттеринде бюллетень чыгарууну пландашууда.

Эки күндүк тренингдин натыйжасында катышуучулар маалыматтык бюллетенди жергиликтүү калк арасында жана башка максаттуу аудиторияга таратуу үчүн практикалык көндүмдөргө ээ болушту. Өз муниципалитеттеринде маалыматтык бюллетендердин долбоорун аягына чейин иштеп чыгып, натыйжада конкурска 36 муниципалитеттин ичинен (тренингге катышкандардын) 27си өтүнмө жиберди. Баарын чогулткандан кийин бюллетендердин алгачкы чыгарылышына баа берилди. Андан соң 27 муниципалитетке бюллетендин экинчи чыгарылышын даярдоого мүмкүнчүлүк берил-





ди. Бирок конкурстун экинчи этабында 21 өтүнмө түштү. Ошентип 2017-жылдын январь айында конкурстун жалпы жыйынтыгы чыкты. Төмөнкүдөй негизги критерийлер боюнча 5 баллдык шкала менен маалыматтык бюллетендин эки чыгарылышы бааланды:

- маалыматтуулугу, тургундарга ЖӨБ иши тууралуу пайдалуу маалыматтардын саны, отчеттордо, бюджет тууралуу маалыматтарда сандык маалыматтар, аналитика жана түрдүү маалыматтарды салыштыруу, бюллетень айыл жашоочусуна маселесин чечүүдө жардам берип жатабы, кеңеш береби, оор кырдаалда ага багыт көрсөтөбү;
- актуалдуулук (жаңылык), жаңылыктардын бүгүнкү күнгө шайкештиги, жашоочулардын күтүүлөрүнө жооп береби;
- түшүнүктүү жеткирүү, материал карапайым адамга канчалык түшүнүктүү, татаал терминдер, сүйлөмдөр же сөздөр ашкере колдонулган жокпу, атайын билими болбогон айыл тургуну материалда сөз болуп жаткан теманы илип кетеби;
- бюллетенди тариздөө жана анын сырткы көрүнүшү, негизги жаңылык кайсы жерде, ал эми мааниси жагынан андан кийинки орунда тургандары каерде болгонун оңой эле көрсө болобу, автору ким жана материал кайсы түрмөккө кирери түшүнүктүүбү, байланыш үчүн маалыматтар барбы, күнү көрсөтүлгөнбү;
- ойлоп тапкычтык – калыптанып калган ой жүгүртүүдөн четтеп, жаңы, буга чейин болуп көрбөгөн идеяларды жаратуу жана табуу, дизайнында жана мазмунунда жаңы, уникалдуу ыкмаларды колдонуу;
- сүрөттөр жана алардын сапаты.

Байгелүү үч орундун жеңүүчүлөрүнө байгелер муниципалитеттердин айылдык чогулуштарында тапшырылды. Чогулуштарда жергиликтүү жамаатка конкурстун шарттары жана жыйынтыктары, маалыматтык бюллетенди даярдоонун жана чыгаруунун артыкчылыктары тууралуу айтып берүүгө мүмкүнчүлүк болду.

Маалыматтык бюллетендин эки чыгарылышынын негизинде конкурстун жыйынтыктарын чыгаргандан кийин Долбоор бардык 21 катышуучуга (муниципалитетке) бюллетендин үчүнчү чыгарылышын даярдоо мүмкүнчүлүгүн берди. Натыйжада жарым жылдын ичинде маалымат бюллетенинин үчүнчү чыгарылышын даярдаган бир нече муниципалитет гана марафонду өттү. Алар: Күн-Туу АА, Кочкорбаев АА, Гроздь АА, Кызыл-Октябрь АА, Курама АА, Степное АА, Шамшы АА, Жээк АА. Бул муниципалитеттердин маалыматтык бюллетендерин дярдап, басып чыгаруу үчүн жооптуу адамдарга жана ЖӨБ органдарынын жетекчилерине оптимизм жана тырышчаактык, өздөрүнүн жергиликтүү жамааты алдындагы чоң жопокерчилиги үчүн терең ыраазычылык билдиребиз.

ЖӨБ органдары жасаган иштер тууралуу маалыматты мүмкүн болушунча башкаларга жеткирүү максатында техникалык жардам катары бардык муниципалитеттерге ар бири 4 же 8 беттен турган 56 маалыматтык бюллетендин үч чыгарылышы тең 200 нускадан басып чыгарылды.

Бюллетенди даярдап, басып чыгаруу боюнча конкурстун катышуучуларынын пикири кандай?

Исаев Азизбек, Кең-Булуң АӨ (Ысык-Ата району) адиси: “Тренингдин жана өз айыл өкмөтүмдөгү практикалык иштин жардамы менен биз ар бир документтин дизайнын түзгөндөн тышкары өз айылыбыздын чыныгы маалыматтык бюллетенин кесипкөй деңгээлде толук кандуу даярдаганды да үйрөндүк. Эми адамдар бүткүл аймактын турмушуна жигердүү катыша алышы үчүн зарыл жана пайдалуу маалыматты калкка канткенде туура жеткире аларыбызды жакшы билип калдык”.

Турдалиева Айтбүбү, Кызыл-Туу АА (Сокулук району) БМжБ тобунун төрайымы: “Бул окуу жеке мага көп нерсени үйрөттү. Мен Word программасында иштегенди үйрөндүм. Көрсө анын өтө көп операциялары жана мүмкүнчүлүктөрү бар экен. Эгерде биз мурда жөн гана текст жазып келсек, эми маалыматты кызыктуу баяндап, сүрөттөрдү кошуп, түрдүү форматтагы ариптерди колдонуп, баш темасын жазып, дагы көп нерселерди киргизгенди өздөштүрдүк. Бүгүнкү күндө өзгөчө элет жергесинде мындай маалыматтык бюллетень аба менен суудай зарыл болуп турат. Анткени элеттиктер интернет колдонбойт жана мурдагы Союз маалындагыдай гезиттерге жазылбайт. Азыр адамдар ушак менен жашап калды, бир эле маалыматты ар ким ар кандай түшүнөт. Ал эми маалыматтык бюллетень биздин айылдык аймактын турмушундагы жаңылыктарды ишенимдүү угууга мүмкүнчүлүк берет, ал кабарларды каалаган учурда кайра окуп чыкса болот. ЖӨБ органы сөзсүз түрдө маалыматтык бюллетенди болгондо да ай сайын чыгарып турушу керек. Бирок бардык нерсе жергиликтүү кеңештердин депутаттарынан жана АӨ жетекчилигинен көз каранды. Эгерде каалоо болсо, тоону да омкоруп салса болот”.

# Бюллетенге кандай маалыматтарды жайгаштырыш керек?

Маалыматтык бюллетенди эффективдүү даярдап, басып чыгаруу максатында ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүн муниципалдык маалыматтык бюллетендин мазмунун түзүү жаатында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун эксперттеринин сунуштары менен толук тааныштырууну чечтик. Маалыматты туура берүү ЖӨБ органына жарандардын ЖӨБОнун карамагында турган маалыматка мүмкүн болушунча көбүрөөк жетүүсүн камсыздап, ошондой эле кайра байланыш түзүүгө жардам берет. Ал эми бул болсо туура жана тең салмактуу чечим кабыл алуу үчүн зарыл. Бул болсо ЖӨБ органы менен жергиликтүү жамааттын тыгыз кызматташуусун өнүктүрүүгө, алардын жергиликтүү бийликке болгон ишенимин арттырууга көмөктөшөт.

**Маалыматтык бюллетенде кандай түрмөктөр болушу мүмкүн?**

Эрежеге ылайык, маалыматтык бюллетень актуалдуу тематикалык маалыматтардан турат. Ар бир чыгарылышын даярдаганда мазмунун категориялар түрүндө уюштуруу тууралуу ойлонуш керек. Окурманга өзгөчө кызыктуу жана пайдалуу боло турган темалардын тизмесин түзүп, ар бир чыгарылышына ар бир категориядан бирден макала кошуп туруу керек.

Максаттуу аудиторияга жараша түрмөктү аныктоо:

- жетекчинин / редактордун / сыйлуу адамдын окурмандарга кайрылуусу;
- шаардын же ААнын жаңылыктары;
- шаардагы же ААдагы маанилүү окуялар;
- мыйзамдагы жаңылыктар;
- ЖӨБОнун ишмердүүлүгү тууралуу маалымат (Маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө" КР Мыйзамдын 20-беренеси);
- калктын демилгелери;
- айылдын турмушу;
- өнөктөштөр;
- жарыялар, куттуктоолор, кайрылуулар ж.б.;
- «алдын-ала жарыялар»— бюллетендин кийинки чыгарылышында кеңири чагылдырыла турган жаңылыктардын үзүндүлөрү.

**"ЖӨБОнун ишмердүүлүгү тууралуу маалымат" жана "ЖӨБ жаңылыктары" түрмөктөрү кандай жаңылыктарды камтышы керек?**

Муниципалитеттин маалыматтык бюллетенинин негизги максаттарынын бири жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маанилүү жаңылыктарын жарыялоо болуп эсептелет. Бул бөлүмдү "ЖӨБОнун ишмердүүлүгү тууралуу маалымат" жана "ЖӨБ жаңылыктары" деп атап койсо болот. Бул жерде ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жана жетишкендиктери, ошондой эле бардык муниципалитеттин турмуш тиричилигинен жаңылыктар мүмкүн болушунча көбүрөөк жайгаштырылат. Маалыматтык бюллетендеги "ЖӨБ жаңылыктары" бөлүмүндө маалыматтын маанилүү түрлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелинет.

- Шаардын же ААнын экономикалык өнүгүүсү боюнча стратегияга киргизилген өзгөртүүлөр.
- ТКЧ же башка маселелер боюнча жаңы муниципалдык ишкананы негиздөө.
- Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча долбоорду ишке ашыруу (жаңы мектептин,бала бакчанын/ФАПтын ж.б. курулушу).
- Жылдык отчет (мэриянын же АӨ, жергиликтүү кеңештин, ТКЧ ж.б.).
- Мэриянын же айыл өкмөттүн пландары.
- Бюджеттик маалымат (бюджеттин аткарылышы жана долбоору).
- Долбоорду ишке ашыруу боюнча отчет (гранттык долбоорду кошкондо ж.б.).
- Жамаат үчүн маанилүү чечим кабыл алуу (муниципалдык менчиктеги объектти: жерди, курулмаларды ж.б. сатуу).
- Коомдук угуулар (бюджет, тарифтер, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн шарттары).
- Жергиликтүү кеңештин ченемдик укуктук актылары.
- Жергиликтүү кеңеш (Жергиликтүү кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын түзүмү, иш планы, жергиликтүү кеңештин сессияларынын графиктери жана отчеттуулук, токтомдор).
- Айыл өкмөтүнүн буйруктары.
- Сот актылары.
- Айылдык кеңештин депутаттарынын тизмеси (аты-жөнү, сүрөтү, билими, шайлоо округу, байланыш жолдору).
- АӨ кызматкерлеринин тизмеси (байланыштар).
- Тендердик документтер (тендерлер тууралуу жарыялар, тендердин жыйынтыктары).
- БАПтын (биргелешкен аракеттер планы) ишке ашырылышы боюнча отчет.
- Жергиликтүү демилгелер.
- Жана башкалар.

**Алдыда болчу иш-чараларды жарыялоонун эффективдүүлүгү**

ЖӨБ органы үчүн чогулуш, курултай, коомдук угуулар жана жергиликтүү кеңештин сессиясы өңдүү алдыда болчу коомдук иш-чаралар тууралуу маалыматты бюллетенге жайгаштыруу маанилүү жана эффективдүү болуп эсептелет. Мисалы, ЖӨБ органы пландалып жаткан иш-чара – таштанды жыйноо жана чыгаруу үчүн тарифти өзгөртүү маселеси боюнча коомдук угууларды өткөрүү тууралуу толук маалыматты берет. Мында муниципалитеттин жашоочулары бул иш-чарага алдын ала даярданып алып, даяр суроолору жана сунуштары менен келишет. Же болбосо жаңы бала бакчанын курулушу,

же муниципалдык менчиктеги объектти сатуу маселесин кароо боюнча жергиликтүү кеңештин сессиясын өткөрүү пландалып жатат дейли. Анда маалыматтык бюллетень аркылуу ЖӨБ органы шаардын же ААнын жашоочуларына конструктивдүү диалог түзүү жана өзүнүн даяр сунуштарын киргизүү максатында жергиликтүү кеңештин сессиясына катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул, демек, жергиликтүү кеңештин депутаттары жамаат үчүн туура чечим кабыл алат дегенди билдирет.

Мындан тышкары бюллетенге алдыда боло турган коомдук иш-чаралар тууралуу маалыматты жайгаштыруу жергиликтүү жамааттын иш-чарага мүмкүн болушунча катышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Анткени ЖӨБ органы жөн гана жарыя берип койбойт (иш-чара өтчү күнү жана орду, темасы). ЖӨБ органы тема боюнча болгон материалды кеңири тартуулайт (анализ, эсептер, жүйө, көйгөйлөр, жергиликтүү жашоочулардан кандай колдоо талап кылынат ж.б.). Бул болсо жашоочуларды тартып, ушул маселеге карата кызыгуусун пайда кылат. Бул абдан маанилүү. Себеби ЖӨБ органдарынын көптөгөн жетекчилери жергиликтүү жамаат чогулуштарга, коомдук угууларга, жергиликтүү кеңештин сессияларына көп жакшы катышпай жатканына, мындай иш-чараларга негизинен ондогон “дүжүр” адамдар келээрине даттанышат.

**Муниципалитеттин бюллетенинин бөлүмдөрүнө кандай маалыматты кошпош керек?**

Мамлекеттик же башка мыйзам менен атайын коргоого алынган жашыруун сырды, бийликти күч менен басып алууга, же учурдагы конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө чакырган, согушка, зордук-зомбулукка жана мыкаачылыкка үгүттөгөн, расалык, улуттук араздашууну козуткан, диний жана атеисттик сабырсыздыкты, порнографияны, ошондой эле башка кылмыш жоопкерчилигине тарткан чакырыктарды камтыган маалыматтарды басып чыгарууга жана жайылтууга жол берилбеш керек

**Жаңылыктар кандай көлөмдө болууга тийиш? Жаңылыктардын кандай өзгөчөлүктөрү бар?**

Муниципалитеттин маалыматтык бюллетени – ыкчам басып чыгарылган, аны чыгарган уюмдун карамагына кирген маселелер боюнча кыскача расмий маалыматтарды камтыган мезгилдүү же үзгүлтүксүз чыккан басылма. Бүгүнкү күндө бул басылма ЖӨБ органынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жана жергиликтүү жамаат тууралуу максаттуу аудиторияга маалымдоонун негизги, эффективдүү жана жеткиликтүү каражаттарынын бири болуп эсептелет.

Ийгиликтүү маалыматтык бюллетень – бул ЖӨБ органы жергиликтүү жамаат үчүн зарыл болгон жаңылыкты бергенде талап кылынган мазмундун болгону. Экинчиден, ток этээр жерин айтуу – жаңылык кырдаалды кыска, нуска жана так берет. Мисалы, ЖӨБ органы жергиликтүү жамаат менен биргеликте айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүнүн бирин чечти дейли – бала бакча курушту. Жыйынтыктары маалыматтык бюллетенде сөзсүз түрдө чагылдырылып, төмөнкүдөй тартипте кыскача баяндалууга тийиш:

- чечим издөө үчүн эмнелер себеп болду (көйгөйдүн сүрөттөлүшү) (2-3 сүйлөм);
- качан, кайсы жерде жана эмнелер жасалды (бул маселе боюнча ЖӨБО жасаган бардык иш-чаралардын сүрөттөлүшү, анын ичинде мобилизацияны, уюштурууну кошкондо, иш-чаралардын/катышуучулардын, километрлердин, чуңкурлардын саны, чубалгылардын узундугу, чарчы метр ж.б.) (3-4 сүйлөм);
- кимдер жасады (аты-жөнү, аткаруучунун/подрядчынын аталышы, объекттерди ким координациялаган, чечимдерди ким кабыл алган, ким мониторинг жүргүзгөн) (3-4 сүйлөм);
- тараптардын салымдарынын көлөмү (акчалай жана эмгек) (1-2 сүйлөм);
- бул кимдер үчүн жасалды (пайданы ким алат - түз жана кыйыр пайда алчу бенефициарлардын саны көрсөтүлүш керек) (1 сүйлөм);
- бул тематика боюнча сапаттуу сүрөттөрдүн болушу (объекттердин курулушка ЧЕЙИН жана АНДАН КИЙИН сүрөттөрү). Анткени сүрөттөр жасалган ишти реалдуу иш жүзүндө гана тастыктабастан, ошону менен бирге жаңылыктын өзүнө эстетикалык көрк берип, окурмандарда кызыгууну жаратат (баары болуп 2-3 сүрөт).

Анда-санда узун бюллетендерди чыгарганга

***1-сүрөт. 2015-жыл үчүн бюджеттин аткарылышынын фактысы***




***2-сүрөт. 2015-жыл үчүн кирешелерди аткаруу фактысына салыштырмалуу анализ***



***2014-2015-жылдар үчүн кирешелерди аткаруу фактысына салыштырмалуу анализ***

| Кирешелердин аталышы | 2014 | 2015 | 2015-жылдагы фактынын 2014-жылдагы фактыга карата өзгөрүүлөрдүн % |
|---|---|---|---|
| Жалпы мамлекеттик салыктар | 3 148,0 | 4 157,0 | 132% |
| Жергиликтүү салыктар | 2 345,0 | 3 451,0 | 147% |
| Салыктык эмес түшүүлөр | 3 329,8 | 3 447,0 | 104% |
| Теңдештирүүчү грант | 0,0 | 0,0 | 0% |
| Дем берүүчү грант | 2 450,0 | 2 114,0 | 86% |
| Берилген каражаттар | 1 040,0 | 1 040,0 | 100% |
| **Баары** | **12 312,8** | **14 209,0** | **115%** |

***2014-2015-жылдар үчүн ЧЫГАШАЛАРДЫ аткаруу фактысына салыштырмалуу анализ***

| Чыгашалардын аталышы | 2014 | 2015 | 2015-жылдагы фактынын 2014-жылдагы фактыга карата өзгөрүүлөрдүн % |
|---|---|---|---|
| Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр | 2 184,0 | 2 748,0 | 126% |
| Турак жай жана комм-к кызмат көрсөтүүлөр | 1 645,0 | 2 634,0 | 160% |
| Эс алуу, спорт, маданият жана дин | 2 483,8 | 3 478,0 | 140% |
| Билим берүү | 3 500,0 | 2 765,0 | 79% |
| Соц. коргоо | 2 478,0 | 208,9 | 8% |
| **Баары** | 12 290,8 | **11 833,9** | 96% |

караганда актуалдуу маалыматты камтыган кыска бюллетендерди тез-тез жиберип турган талапка ылайык болот. Маалымат бюллетени окурманды кошумча маалыматтарды алуу үчүн уюмга кайрылууга түрткүдөй деңгээлде маалыматты камтыш керек. Окурман менен байланыш түзүп, жарнаманы эмес, пайдалуу маалыматты сунуштоо менен анын ишенимине жана урматына ээ болуу зарыл. Макала жазууда ар кайсы маселеге окурмандын көзү менен караңыз. Сиз эмне тууралуу маалымдагыңыз келгенге эмес, окурмандарыңыз эмнени кааларына көңүлүңүздү бурсаңыз маалымат бюллетенинин таасири күчтүү болот.

**Бюджеттик маалымат. Эмне үчүн өткөн мезгил менен салыштыруу бериш керек? Диаграммалар канчалык зарыл?**

Бүгүнкү күндө маалыматтык бюллетень айылдык аймактарда жана көптөгөн шаарларда маалымат алмашуунун эң эле жеткиликтүү аспабы болуп эсептелингендиктен, ЖӨБ органы биринчи кезекте бюджеттик маалыматты жайгаштырышы керек. Калкка төмөнкүдөй маалымат кызык – жергиликтүү бюджетке акча кайдан түшөт, б.а., жергиликтүү бюджет кантип түзүлөт, кантип жана кайда акча каражаттары сарпталат, б.а. жергиликтүү бюджет кантип аткарылат. Бюджеттик маалымат төмөнкү түрүндө берилет: 1) кийинки жылга бюджет долбоору; 2) өткөн жыл (же жарым жыл) үчүн бюджеттин аткарылышы.

Бирок бюджеттик маалыматты берүүдө маанилүү өзгөчөлүктөрдүн бири болуп, киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча маалымат Жарандык бюджет түрүндө берилгени эсептелет. Жарандык бюджет маалыматты (бюджеттик параметрлер, артыкчылыктар жана белгилүү бир финансылык мезгилге чечимдер тууралуу) жеткиликтүү жана жөнөкөйлөштүрүлгөн түрүндө баяндап берет. Жарандык бюджет атайын билими болбогон адамдарга жергиликтүү бюджет тууралуу маалымат алуу мүмкүнчүлүк берет. Жарандык бюджет КР Өкмөтү бекиткен методикага ылайык түзүлөт жана инфографикага ээ. Бул түрдүү диаграммалар, сүрөттөр, таблицалар (2-сүрөт) болушу мүмкүн. Диаграммалар татаал бюджеттик маалыматты карапайым адамдар үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү тилде жеткирет. Мында түстүү сүрөттөрдө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү түрдүү көлөмдөрдө (мааниси, үлүшү) жөнөкөй чагылдырылган.

Өткөн жылдардагы негизги кирешелер менен чыгашалардын түшүүсүнүн салыштырмалуу маалыматтары бюджеттик маалыматтын маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Ошондой эле инфографика аркылуу берилет (3-сүрөт жана 4-сүрөт). Бул калк менен талкуулап, муниципалитеттин бюджеттик саясатын жакшыртуу боюнча биргелешкен чечимдерди кабыл алуу максатында бюджетке анализ жасоо үчүн керек. Анткен менен жөн гана өзгөрүүлөрдү көрсөтүп коюу жетишсиз. Кандай себептерден улам олуттуу өзгөрүүлөр болгонун түшүндүрүп берүү зарыл. Мисалы, жашоочуларда эмне үчүн жергиликтүү салыктардын түшүүсү 47% өсүп, ал эми салыктык эмес түшүүлөр болгону 4% өстү деген суроо пайда болушу мүмкүн. Балким бул жерде эч кандай олуттуу маселе деле жок чыгаар. Бирок адамдарга эмне үчүн бир көрсөткүч өсүп, экинчиси азайып жатканын түшүндүрүп берүү маанилүү.

“Ким маалыматка ээ болсо, ошол дүйнөгө ээлик кылат” деген учкул сөз бар. Ошондуктан ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жамаатынын атынан бардык ЖӨБ органдарына прогрессивдүү болуп, заман ыргагына ыктап, өз иши тууралуу маалыматтарды жарыялоонун бардык мүмкүн болгон механизмдерин колдонууну каалайбыз! Заманбап, тең салмактуу жана туура маалымат гана ЖӨБ органдарына карата калктын ишеними жана чоң колдоосу түрүндө жемишин берет!

M

# 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын мамлекетти бекемдөө жана өркүндөтүү бөлүгүндө ишке ашыруунун айрым жыйынтыктары тууралуу

**Анарбек ИСМАИЛОВ,**
Кыргыз Республикасынын Президентинин
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги
Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары -
укуктук жактан камсыз кылуу бөлүмүнүн
башчысы

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы №11 Жарлыгы менен 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы (мындан ары – ТӨУС) чыккан.

Стратегия бекитилген күндөн бери 4 жыл өтүп, аны ишке ашыруунун алдын ала жыйынтыктарын чыгарууга мезгил жетти.

Сиздер билгендей, ТӨУС – өлкөнүн саясий, экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктаган мамлекеттик документ. Бул стратегиянын негизги өбөлгөсү, беш жылдык мезгилге Кыргызстандын негизги максаты болуп мамлекет катары калыптануу жана ийгиликтүү өнүгүү негиздерин түптөө тапшырмасы коюлган. Бул максатка жетүү үчүн биздин өлкө төмөнкүдөй тапшырмаларды аткарышы керек болчу:

1. Мамлекеттик башкаруунун эффективдүүлүгүн жана айкындуулугун жогорулатуу жолу менен укук жана мыйзамдуулук үстөмдүгү камсыздала турган укуктук мамлекетти түптөө (2-глава). Бул болсо мамлекеттик бийлик бутактары, мамлекет, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жарандык коом ортосунда өз ара байланыштардын жакшы жөнгө салынган системасы бар мамлекеттик башкаруунун ишке жөндөмдүү моделин түзүү, мамлекеттик аппарат менен мамлекеттик кызматты модернизациялоо, жарандардын укуктук маданиятын жогорулатуу менен натыйжалуу коррупцияга каршы механизмдерди киргизүүнү кошкондо бүткүл укуктук системаны бекемдөө дегенди билдирет. Укуктук мамлекетти түзүү максатына жетүүнүн алкагында Стратегия сот реформаларын жана тартип коргоо органдарында реформаларды жүргүзүү, ошондой эле мамлекеттин улуттук жана аскердик коопсуздугун жогорулатуу өңдүү максаттарды алдына койгон. Элдин биримдигин бекемдөө, этностор аралык жана конфессиялар аралык ынтымакты камсыздоо, жарандык коомдун ролун арттыруу жана маалымат эркиндиги чөйрөсүндө жигердүү, атүгүл чабуул койгон мамлекеттик саясатты жүргүзүү зарылдыгы да каралган (3-глава). Мунун баарын мүмкүн болушунча Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизбестен ченемдик укуктук базаны үндөштүрүү жолу менен жүзөгө ашыруу каралган.

2. Мамлекеттин структуралык-функционалдык эффективдүүлүгүн жогорулатуу менен бирге Стратегия өз алдына биздин мамлекеттин чыныгы суверенитетинин жана улуттук коопсуздугунун экономикалык базасын түзүү жана бекемдөө тапшырмасын койгон. Өлкөнүн финансы, инвестициялык, тышкы экономикалык жана элдик чарбалыктын башка чөйрөлөрүндө 2013-2017-жылдарга мамлекеттик саясаттын бир катар негизги багыттары каралган.

3. Жогоруда аталган эки максатты ишке ашыруу үй-бүлөнү, билим берүүнү, саламаттык сактоону колдоо жана социалдык камсыздоо чөйрөлөрүндө социалдык милдеттерди чечүүдө жакшы кол кабыш болот (4-глава).

## 2017-жылдын башына карата жетишкендиктер

Биринчи жетишкендик – саясий системанын туруктaшуусу. Учурда саясий партиялардын жана жарандык коом уюмдарынын мурдагыдан да так чөйрөсү аныкталып калды. Алар өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна активдүү катышып, коомдук процесстерге таасирин тийгизүүдө.

Саясий системанын өзөгү катары мамлекет бекемделүүдө. Мурдагыдай митингдер жана пикеттер, мамлекеттик мекемелерди басып алуулар жана жол тосуулар болбой калды.

Жогорку Кеңеш менен Президент ортосунда мый-

зам чыгаруу чөйрөсүндө өз ара аракеттенүүнүн жана өз ара түшүнүшүүнүн деңгээли көтөрүлдү (эгерде 2013-жылы Президент кол койбостон Жогорку Кеңешке 33 мыйзамды кайтарса, ушу жылы болгону 12 мыйзам кайтарылды).

Экинчи жетишкендик – буга чейин жаңылыштык менен мамлекеттин кызыкчылыгындагы чөйрөлөргө кошулбай келген турмуштун айрым чөйрөлөрүндө мамлекеттик саясаттын активдүүлүгү жогорулады.

Биз акыры “төө куш” саясатынан четтедик. Биз “мамлекет – түнкү күзөтчү” концепциясынан баш тарттык. Мисалы, буга чейин дин чөйрөсүндө мамлекеттин ар кандай активдүүлүгүнө толук тыюу салынуу менен, мамлекет диний иштерге кийлигишпеш керек деп жаңылыш чечмеленип келген жободон алыстай баштадык. Бул болсо мамлекеттик органдардын ушул чөйрөдөгү кырдаалды жөнгө салуудан өзүн өзү оолак кармануусуна, руханий турмушка ачык эле экстремисттик, элдин улуттук көз карашын бузган агымдардын жана культтардын баш багуусуна жол ачты. Бирок дин тутуу эркиндиги өз каалаганын жасоо дегенди билдирбейт. Ал эми демократия – бул биринчи кезекте мыйзамдарды сактоо жана жоопкерчилик. Өзгөчө сөз жарандардын коопсуздугу, экстремизм жана терроризм менен күрөшүү тууралуу жүрүп жатканда бул маанилүү.

2014-жылдан тарта мамлекет диний чөйрөнү жөнгө салууга жана бул жааттагы өз саясатын өркүндөтүүгө киришип, 2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы бекитилген. Аталган Концепциянын ийгиликтүү ишке ашырылышы калктын адеп-ахлактуулугун жогорулатуу, диний экстремизм менен күрөшүү ишинде мамлекет менен диний кыймылдар ортосундагы өз ара аракеттенүү бекемдеди.

Мамлекеттин активдүүлүгү жогорулаган ушул өңдүү көрүнүш экономикада да байкалууда. Энергетика чөйрөсүндөгү дал ушундай активдүү мамлекеттик саясат энергетикалык көз карандысыздыкка жетүүгө жол ачты: эки ири подстанцияны жана “Датка-Кемин” ЛЭП куруу жолу менен өзүнүн электрэнергетикалык түйүнүн түзүп, Кыргызстан электр менен камсыздоодо дээрлик күчтүү болуп калды.

Үчүнчүсү. Адамдардын мамлекетке, өзгөчө шайлоо институтуна ишеними бекемдеди. Мамлекеттин күчү – элдин ага болгон ишеними. Бул ишенимге түрдүү этаптарда жетүүгө болот. Бийликке болгон алгачкы ишеним шайлоодо пайда болот. Эгерде шайлоо таза жана ачык-айкын өтсө, анда шайлоо жолу менен келген бийлик күчтүү болот.

Эркин, демократиялык шайлоону камсыздоо маселесин Стратегия мамлекеттин маанилүү тапшырмасы, укуктук мамлекетти түптөөнүн өтө маанилүү элементи катары аныктады. ТӨУС талаптарын ишке ашыруу менен биз таза шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү үчүн жаңы ченемдик-укуктук жана уюштуруучулук-техникалык базаны түздүк. Бул база азырынча толук жыйынтыктала электигине карабастан, 2015-жылы Жогорку Кеңешке, 2016-жылы жергиликтүү кеңешке шайлоолорду буга чейин болуп көрбөгөндөй таза өткөрүүгө жана референдумду өтө жогору деңгээлде өткөрүүгө жол ачты.

Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин жаңы курамынын Кыргызстан элинин көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган ачык, натыйжалуу жана жемиштүү иши менен элдин ишенимин бекемдөө зарыл. Эл ишенимине татыктуу Жогорку Кеңеш шайлаган Өкмөт жана жергиликтүү кеңештер шайлаган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчылары күчтүү жана көз карандысыз мамлекетти мындан ары да бекемдөө боюнча өз ишин жүзөгө ашыра бермекчи. Алар Кыргызстанды адамдардын жашоосу үчүн ыңгайлуу, көп тилдүү жана достук маанайдагы ички чөйрөгө ээ, мыйзамдуулук өкүм сүргөн, билим берүү деңгээли жогору, айлана чөйрөсү ойдогудай, коомдук туруктуулукка ээ, бакубат өлкө деген эл аралык абройго ээ, экономикасы туруктуу өскөн, инвесторлор үчүн абдан жагымдуу өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кирген мамлекетке айландыруунун үстүнөн иштешүүдө.

Төртүнчүсү. Элдин аң-сезими, анын укуктук маданияты өстү. Мамлекеттин катышуусуз, жарандар өздөрү өткөргөн жүрүм-турум маданиятын жогорулатуу боюнча акциялардын саны барган сайын көбөйүүдө (“Түкүрбө” акциясы, Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондордун элесине арналган “Өлбөс полк” акциясы ж.б.). Өнүктүрүү саясат институту өңдүү түрдүү бейөкмөт уюмдардын аракети менен калктын укуктук, финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча өтө көп иш-чаралар өткөрүлүп келатат. Мындай көрүнүш калктын активдүүлүгү 2010-жылга чейинкиден айырмаланып, жаратмандык нукка багыттала баштады деп үмүт артууга негиз берүүдө.

## Укуктук мамлекетти түптөө чөйрөсүндө Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашырууда негизги көйгөйлөр

2012-2013-жылдары Стратегияны даярдап жатканда биздин өлкө 2010-жылы кабыл алынган Конституцияга “көнүү” баскычында турган. Бул “көнүү” мезгили мыйзамдардын жаңы Конституциянын ченемдери менен толук үндөшө албаганы, парламенттик республиканын шарттарында бийлик бутактарынын өз ара мамилелеринде түптөлүп калган салттарынын жоктугу, Президент менен анын командасы ортосундагы тирешүү, Өкмөттүн өтө эле туруксуздугу, бардык сот корпусу кайра шайлана (кайра дайындала) баштаганынан улам сот бийлигинин дээрлик иштебей калышы менен мүнөздөлгөн. Өлкөдөгү мамлекеттик аткаруу бийлигинин вертикалын калыптандыруу процессин бир кыйла татаалдаштырган жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын дайындоо тартиби жөнүндө Конституциядагы жоболор Өкмөттүн туруксуздугун күчөтүп жиберген. Буга карабастан Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы Конституциянын туруктуулугун жана өзгөрбөстүгүн камсыздоо, «анын принциптерин жана ченемдерин турмуш чындыгынын керектөөлөрүнө карай ийкемдүү өнүктүрүү” (Стратегиянын 2.2-пунктун караңыз) жолу

менен пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү зарылчылыгын белгилеп турган.

Стратегиянын жогоруда аталган жоболоруна ылайык, Президент, Жогорку Кеңеш жана Өкмөт мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө жана өз ара мамилелерде пайда болгон курч көйгөйлөрдү Конституцияга өзгөртүү киргизбестен чечүүгө дайыма умтулуп келишти.

Анткен менен мамлекеттин күнүмдүк жашоосунда пайда болуп жаткан көйгөйлөр жана аларды чечүү аракеттери мындай көйгөйлөр системалуу түрдө болгонун, Конституциядагы айрым жоболордун өркүндөтүлбөгөнүнөн улам чыгып жатканын көрсөттү. Конституцияга карама-каршы келүүлөр улам пайда боло берүү тобокелдиги күчөгөндүктөн бул көйгөйлөрдү жөнөкөй же атүгүл конституциялык мыйзамдардын деңгээлинде чечүү мүмкүн болгон жок. Же Конституциянын ченемдерин түшүнүүнү (бул «бийликти бөлүштүрүү", "ишмилдеттерди жана ыйгарым укуктарды ажыратуу" түшүнүктөрүнүн тыштан таңууланып чечмеленишинен алыстоодон көрүнүүдө), же Конституциянын өзүн өзгөртүш керек болду.

Бийлик бутактарынын өз ара аракеттенүү деңгээлин жогорулатуу жана мамлекеттик башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү механизмдерин издөө Конституцияны өзгөртүү зарылчылыгын жаратты. Конституцияны өзгөртүү – мамлекеттин натыйжалуулугун жогорулатуунун эң коопсуз ыкмасы болгону таанылды. 2016-жылдын 11-декабрындагы референдум менен Конституцияга киргизилген түзөтүүлөр "бийликти бөлүштүрүү", "сот бийлигинин көз карандысыздыгы", "адам укуктары" түшүнүктөрүнө мурдагыдан дагы терең ойлонуштурулган мамиленин негизинде жасалды.

Ошентип Конституциянын туруктуулугу идеясы, чыныгы укуктук жана эффективдүү мамлекетти түптөө, мыйзамдуулукту бекемдөө, сот реформасын жана тартип коргоо органдарында реформаларды жүргүзүү тапшырмасын Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизбестен аткаруу мүмкүн болгон эмес.

## Келечекте эмнени күтсөк болот

Мамлекетти мындан ары да өркүндөтө берүү. Стратегияны ишке ашыруунун жыйынтыктары көрсөткөндөй, мамлекетти бекемдөө жана анын укуктук системасын өркүндөтүү, башкаруунун эффективдүүлүгүн арттыруу тапшырмасы Кыргызстанда бери дегенде орто мөөнөттүү мезгилде (3-5 жыл) өтө маанилүү бойдон кала берет.

Эгерде Кыргызстан элинде жакшы күүлөнгөн жана эффективдүү аспап болбосо, анда келечекте жеткибиз келген бардык максаттар ак ниет каалоо бойдон кала берет. Бул аспап – мамлекет, Кыргызстан. Биз көптөгөн кылымдар бою кыргыз элинин кыялы өзүнүн улуттук мамлекетин түптөө болуп келгенин унутпашыбыз керек. Биздин ата-бабаларыбыз кудуреттүү күчтүн жардамы менен бул кыялга жетип, өз урпактарына Кыргыз Республикасын калтырып кетишти. Биздин муундун милдети – бул жетишкендикке аяр мамиле жасап сактап калуу, мамлекетибизди күчтүү, эффективдүү, бакубат жана суверендүү кылуу менен бекемдөө. Мамлекетибиздин жардамы менен биз жаңы стратегиялык документте алдыбызга коюлган бардык максаттарыбызга жете алабыз.

Турукташтыруу жана бекемдөө ишинде белгилүү бир ийгиликтерге жеткенибизге карабастан заманбап кыргыз мамлекети түптөлүү баскычында турат. Коркунучтар (тышкы да, ички да) актуалдуу бойдон кала берүүдө. Ушундай шарттарда мамлекетти, анын институттарын мындан ары бекемдөө, башкаруучулук (ченем чыгаруучулук, тескөөчү жана контролдоочу) процесстерди оптималдаштыруу тапшырмасы биздин өлкөнүн бардык жарандарынын, өзгөчө анын саясий жана маданий элитасынын көңүл чордонунда болууда жана ошол бойдон калышы керек.

Жакынкы мезгил ичинде жарандарда өз мамлекетине аяр мамилени тарбиялоо тапшырмасы чечилбеген бойдон кала берүүдө: биз ушуга чейин калктын активдүү бөлүгүнүн аң-сезиминде мамлекетке жана анын кызматчыларына "эл душманы" катары мамилени жок кыла албай жатабыз. Ишенбестик, айрым бир учурларда мамлекетке жана анын кызматчыларына карата жек көрүүчүлүк, мамлекеттик бийликтин көптөгөн, атүгүл бардык демилгелерине карата кемсинткен мамиле телевизорлордун экранынан, гезит жана журналдардын беттеринен, интернеттен, атүгүл парламенттин трибунасынан коомго көрсөтүлүп жатат. Коомдун аң-сезиминде мамлекетке, анын институттарына жана демилгелерине карата мында конфронтациялык мамилеге чекит коюу зарыл. Бул конфронтациялык мамиле (канчалык акыйкат наразылык менен негизделбесин) – Кыргызстанды жок кылууга барабар! Кыргызстандык жарандардын өз мамлекетине болгон мындай конфронтациялык мамилесинде түрдүү тышкы "донорлордун" колу байкалат. Ооба, башкаруучу катмар, элита, айрым мамлекеттик кызматчылар өзүнүн кесипкөй эместиги, шашма жана ойлонуштурулбаган чечимдерди жана аракеттери менен сын пикир үчүн шарт түзүп берүүдө. Бирок балким адилеттүү каардануу менен биз, Кыргызстандын эли өтө эле шашкан баа берүүдөн, чукул чечимдерди кабыл алуудан алыс болушубуз керек.

Биздин мамлекетибиз күчтүү жана эффективдүү болушу үчүн бүт эл, ар бир жаран бери дегенде төмөнкү осуяттарды баамдап, чындап карманышы керек:

1) "Эгерде сен өз мамлекетиңди сыйлабасаң, анда бөтөн мамлекетти сыйлоого мажбурлашат". Адамдын жеке кызыкчылыктары менен мамлекетти сактап калуу зарылчылыгы ортосунда карама каршылыктар бар болсо, мамлекетти сактап калуу кызыкчылыгы биринчи орунга чыгышы керек. Өз пикирин билдирүү укугу мамлекетти, анын бүтүндүгүн жана суверенитетин талкалаган курал катары колдонулбоого тийиш;

2) Азыркы бийлик менен мамлекетти чаташтырбаш керек. Бийлик келет-кетет, ал эми мамлекет кала бериш керек. Өз мамлекети болбогон элди жоголуу коркунучу тооруп турат;

3) "Зыян келтирбе". Мамлекеттик институттардагы бардык өзгөрүүлөр дыкат сыноодон өткөрүлүүгө тийиш.

Ошентип, жаңы стратегия бизге мамлекетибиздин, анын институттарынын, кызматчылар аппаратынын, анда болуп жаткан бардык башкаруучулук процесстердин болочок элесин так бериши керек. 2016-жылы Кыргызстан конституциялык референдумда мамлекетти бекемдөөгө карай чоң кадам таштады. Аткаруучу бийлик чоң өз алдынчалуулукка ээ болууда. Учурдагы мыйзамдарда төмөнкүдөй талаптарды эске алуу менен бул конституциялык жоболорду өнүктүрүү керек:

1) Аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдары так белгиленген компетенцияга (ыйгарым укуктарга) ээ болушу керек;

2) Аткаруу бийлик органдарында аягы көрүнбөгөн кайра түзүүлөр, кайрадан курулар практикасына (министрликтерди жана ведомстволорду бириктирүү, ажыратуу же аларды кайра атоо) чекит коюлуш керек. Эгерде жаңы Өкмөттү түзүүдө кайсы бир функцияны өткөрүп бериш керек болсо, анда бул функция өзүнчө министрликти түзүү жолу менен эмес, мүмкүн болушунча тийиштүү министрликтин (ведомствонун) штаттарын кеңейтүү, структуралык бөлүмдөрдү түзүү жолу менен жүзөгө ашырылыш керек;

3) Тармактык башкаруу системасынан аймактык-тармактык башкаруу системасына өтүү зарыл. Башкача айтканда, бул зарыл жана жетиштүү болгон жерде министрликтердин жана ведомстволордун аймактык бөлүмдөрүн (башкаруу, бөлүмдөр) бардык штаты жана ыйгарым укуктары менен жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын карамагына өткөрүп берүү зарыл;

4) Мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсү үчүн оптималдуу системаны түзүш керек. Бул үчүн башкаруунун түрдүү чөйрөлөрүндө мамлекеттик органдардын өз ара аракеттенүүсүнүн тийиштүү регламенттерин иштеп чыгып, бекитүү керек;

5) Акыры мамлекеттик жалпы жарандык кызмат системасын өркүндөтүү зарыл: мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарды дагы да либералдуу эмгек мыйзамдарынан бөлүп; кызматчылардын моралдык жана кесиптик жүзүнө мындан дагы катаал талаптарды, өзүн өзү тазалоо механизмдерин орнотуп, аларды практикада ишке ашыруу зарыл.

Соттук, аскердик жана тартип коргоо кызматтарында башталып калган реформаларды улантуу керек.

Жакынкы мезгилде өз мамлекетин бекемдөө чөйрөсүндө биздин элдин негизги тапшырмалары төмөнкүлөр:

- мамлекеттик органдардын жана уюмдардын жыйнактуу, мобилдүү, жогорку деңгээлде кесипкөй жана патриоттук системасы;
- мамлекеттин жарандык коом жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен так өз ара аракеттенүүсү, мында мамлекеттин ролу жарандык коомдун активдүүлүгү менен айкалыштыкта жигердүүлүк менен айырмаланат. Аны менен катар коомдук турмуштун көптөгөн чөйрөлөрүн жөнгө салуу ишинде мамлекеттин экономикадагы ролунан баштап, анын үй-бүлөдөгү жана балдарды тарбиялоодогу ролуна чейин кайра карап чыгуу керек.

Бул роль "басымдуу" боло албайт. Биз "баарын жана болгон нерсени мамлекеттештирүү" тууралуу айткан жокпуз. Биз жашоонун бардык тараптарын өнүктүрүүдө мамлекеттин катышуусу, жардамы тууралуу айтып жатабыз.

Мисалы, бүгүнкү мыйзамдар коомдук же кайрымдуулук фонддорун, ошондой эле биргелешкен билим берүү мекемелерин, саламаттык сактоо жана маданият мекемелерин түзүүдө мамлекеттин катышуусун караштырбайт (иш жүзүндө тыюу салат). Ал арада бул чөйрөлөргө өз капиталы менен катышып, мамлекет бул чөйрөлөргө инвестицияларды тартуу үчүн чоң дем болуп бере алмак. Мындан тышкары мамлекет коомдук фонддорду түзүүгө катышып, алар кийин жарандык коом уюмдары үчүн демөөрчү боло алышмак.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын өркүндөтүү

Башкаруунун бул чөйрөсүндө буга чейинки беренелерде бир нече жолу көрсөтүлгөндөй, төмөнкүлөрдү жасоо зарыл:

1) принципти киргизүү – эгерде жергиликтүү жамааттын уставы менен түз шайлоо каралбаса, башчы кеңештин депутаттары тарабынан шайланат;

2) жергиликтүү кеңештин депутаттарынын санын көбөйтүү;

3) депутаттык кызмат ордун аткаруучу органдардагы кызматтар (мэр же айыл өкмөт башчысы) менен айкалыштырууга салынган тыюуну алып салуу. Жогорку Кеңештин депутаты Премьер-министр болуп шайланган учурда ага өзүнүн депутаттык мандатын сактап калуу укугун берүү жолу менен бийликти бөлүштүрүү тууралуу маселеге акылга сыярлык мамиле үчүн Конституцияда мүмкүнчүлүк каралды.

4) жергиликтүү бюджеттердеги салыктык жана салыктык эмес булактардын санынын көбөйүшү.

5) мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартибин өзгөртүү жана аларды аткаруу үчүн финансылык жана башка ресурстардын чындап берилишин камсыздоо.

Мыйзамдардагы башка актыларга түзөтүүлөрдү киргизип (өкмөт, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, стратегиялык документтер ж.б. жөнүндө мыйзамдар), Конституцияга жакында эле киргизилген өзгөртүүлөр берген мүмкүнчүлүктөргө терең анализ жасамайынча бул иштерди аткаруу мүмкүн болбой турганы айкын.

Конституцияга киргизилген соңку өзгөрүүлөрдөн улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында болчу ыктымал өзгөрүүлөргө, ошондой эле Жогорку Кеңеште каралып жаткан мыйзам чыгаруу демилгелерине дагы да кеңири сереп жакын арада жарыяланат.

M

# Швейцария өкмөтү каржылаган, "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ




## Таза сууга жана таштанды чыгарууга тарифтер боюнча коомдук угуулар

Швейцария Өкмөтү каржылаган, ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоору иштеген 2016-2017-жылдар аралыгында бардык пилоттук муниципалитеттер ичүүчү суу менен камсыздоо, КТК чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү боюнча тарифтердин өздүк наркын эсептөө боюнча окуудан өтүштү. Бул болсо амортизацияны, капиталдык ремонтту кошкондо реалдуу тарифти эсептөөгө жардам берет. Бул тарифтин өздүк наркы кызмат көрсөтүүнүн бардык параметрлери боюнча жеткирүүчүлөрдүн ишин пландоого жардам берет: тейленүүчү адамдардын саны, капиталдык ремонт мүмкүнчүлүгү, кызмат көрсөтүүгө жеткиликтүүлүк ж.б.

Учурда бардык жерде элет деңгээлинде тарифти туура эмес эсептөө көрүнүшү орун алууда. Мындай кырдаал бир нече жылдан бери түзүлүп отуруп, барган сайын терендей берген. Эгерде Советтер Союзу маалында шаарлар деңгээлинде кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин эсептөөнүн советтик методологиясы колдонулуп келсе, кызмат көрсөтүүлөрдү жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлине, андан кийин инфраструктура объекттерин ТСКАКБ өңдүү жеке уюмдарга өткөргөндөн бери  кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр да, ЖӨБ органдарынын кызматкерлери да тарифтерди жүйөлүү эсептеп чыгуунун усулу боюнча жетиштүү окуудан өтүшкөн эмес. Адатта тарифтердин көлөмү жарандардын мүмкүн болушунча аз акча төлөө жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан тарифти саясий себептерден улам жогорулатпоо каалоосуна көз каранды болуп келген. Мындан улам тарифтин негиздүүлүгү жана рентабелдүүлүгү дайыма экинчи, атүгүл үчүнчү планга калып келген. Бул болсо сөзсүз дежа-вю кырдаалын пайда кылчу – колдо бар инфраструктура эскирип отуруп, жаңы жабдууларды сатып алууга донорлорду кайра-кайра издей берүүгө жеткирчү. Ал эми ал жабдуулар кайрадан эле жыл сайын эскире берген. Анткени тарифтерге байланышкан кырдаал олуттуу түрдө өзгөргөн эмес.

ЖДКЖ Долбоору Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы 30 пилоттук муниципалитетке туруктуу кызмат көрсөтүүнү уюштуруу мүмкүнчүлүгү

болушу үчүн тарифтин өздүк наркын кантип эсептесе болоорун көрсөтүп берди. Көпчүлүк муниципалитеттер өз демилгеси менен тарифти бекитүү боюнча олуттуу кадамдардын бири – тарифти талкуулоо боюнча коомдук угууларды өткөрүү канчалык маанилүү болгонун түшүнүштү. Мында негизгиси калк тарабынан кийин каршылык болбошу үчүн эсептөөлөрдүн негиздүүлүгүн көрсөтүп берүү зарыл. Ошентип, 2016-2017-жылдары КТК чыгаруу жана таза суу боюнча тарифти талкуулоо боюнча 12 коомдук угуу өткөн:

| | Саны | АӨ аталышы | Темасы |
|---|---|---|---|
| Ысык-Көл облусу | | | |
| 2016 | 1 | Ак-Чий | Таза сууга тариф |
| 2017 | 2 | Улахол | Таза сууга тариф |
| | 3 | Кумбель | Таза сууга тариф |
| Жалал-Абад облусу | | | |
| 2016 | 4 | Сумсар | Таза сууга тариф |
| | 5 | Ала-Бука | Таза сууга жана КТК чыгарууга тариф |
| | 6 | Жаңы-Жол | Таза сууга жана КТК чыгарууга тариф |
| | 7 | Сакалды | Таза сууга тариф |
| | 8 | Масы | Таза сууга жана мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө тариф |
| | 9 | Багыш | Таза сууга тариф |
| | 10 | Ленин | Таза сууга жана КТК чыгарууга тариф |
| 2017 | 11 | Каргалык | Таза сууга тариф |

Көрүнүп тургандай, негизинен коомдук угуулар таза сууга тарифти талкуулоого арналды (11). Үч муниципалитетте угуулар таза суу жана КТК чыгаруу үчүн тарифти талкуулоого арналды. Ал эми бир муниципалитетте мектепке чейинки билим берүүгө кызмат көрсөтүүгө тариф да талкууланды. Баары болуп 835 киши, алардын ичинен 297 аял катышты.

Бардык учурларда катышуучулар таза сууга/КТК чыгарууга тарифтер тууралуу маалымат алышты. Башка маселелер төмөнкүлөрдү камтыды: таза суу менен камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрү үчүн тарифтерди эсептөө методикасы менен таанышуу; абоненттердин жоопкерчилиги; социалдык объекттерди таза суу менен камсыздоонун өзгөчөлүктөрү; ТСКАКБнын штаттык кызматкерлерин күтүү; ТСКАКБ башчысынын отчеттук мезгил үчүн отчетун кабыл алуу; "Таза кызмат" муниципалдык ишканасынын коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрү тууралуу иши жөнүндө маалымдоо; Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер пландарын (КЖАП) ишке ашыруунун алкагындагы иши.

Пенсионер Казыбаев Жапаралынын пикири – "Урматтуу катышуучулар, айыл өкмөтү "Таза кызмат" ишканасы менен биргелешип, бардык жашоочуларга тарифти түшүндүрүп, сунуштап жатканына кубанычтамын. Мурда бизде мындай жок болчу. Эми болсо биздин "Таза кызмат" кантип иштеп жатканы белгилүү жана түшүнүктүү болуп калды. Мен биз алып жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бирин түшүндүрүп беришин каалайм жана муну өтүнөм".

Дагы бир маанилүү фактыны белгилей кетүү зарыл: өткөрүлгөн бардык эле угуулар ЖДКЖ Долбоорунун алкагында иштелип чыккан жана ишке ашырылган КЖАПка тиешелүү болгон эмес. Беш муниципалитетте ЖӨБ органдары өз демилгеси боюнча өз алдынча тарифтер боюнча угууларды өткөрүүнү чечишти. Бул муниципалитеттер тарифти реалдуу эсептөө боюнча ЖДКЖ Долбоорунун алкагында алынган методологияны колдонушту. Анткени мунун пайдасын көрүшүп, калкка эмне үчүн жаңы тариф зарыл экенин, жаңы жүйөлүү тариф сапаттуу жана эффективдүү кызмат көрсөтүүгө жол ачаарын түшүндүрүп беришти.

# Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу боюнча пландары

2016-жылдагы гранттык программанын натыйжасында Швейцария Өкмөтү каржылаган жана ХЕЛЬВЕТАС Свисс Интеркооперейшн менен Өнүктүрүү саясат институту аткарган «Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу» Долбоору 26 Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча аракеттер планынын (КЖАП) ичинен мыкты 14 КЖАПты тандап алды (Ысык-Көл облусу боюнча 6, Жалал-Абад облусу боюнча 8). Добоордун 1-когортасынын бардык 14 пилоттук муниципалитети өз КЖАПтарын кароого жиберишкен. Бирок атаандаштык күчтүү болгондуктан 12 муниципалитет гана өз долбоору иштеп кете алаарын далилдей алышты. КЖАП темалары төмөнкүдөй болду:

| КЖАП темалары | Саны |
|---|---|
| Таза суу менен камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу | 5 |
| Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн класстар | 2 |
| Мектепке чейинки билим берүү | 2 |
| Бош убакытты өткөрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр (Маданият үйү) | 1 |
| Сейил бак | 1 |
| Төрөт үйү | 1 |
| Атайын техника | 1 |
| Тазалык | 1 |
| | 14 |

Таза суу көйгөйү бардык КЖАПтын арасынан эң

артыкчылыктуу деп тандалып алынганы күтүүсүз окуя болгон жок. Анткени дал ушул көйгөй айылдык чогулуштарда жана жергиликтүү жамааттардын фокус-топторунда биринчи орунга чыгат. Бирок бул кызмат көрсөтүүдөн тышкары мектепке чейинки билим берүүнүн алкагында балдардын, ДМЧ балдардын муктаждыктары, ошондой эле жашоочулардын бардык категориялары үчүн бош убакытты өткөрүү кызмат көрсөтүүлөрү да көңүл бурдурат. 2017-жылдын март-апрель айларында экинчи когортанын 16 пилоттук муниципалитети долбоордун гранттык программасына катышып, Өз КЖАПтарын сунушташат.



| АӨ | КЖАП | Өз салымы (сом) | Грант (сом) | Бенефициарлар |
|---|---|---|---|---|
| **Ысык-Көл облусу** | | | | |
| **Жети-Өгүз району** | | | | |
| Жети-Өгүз | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү (ДМЧ) балдар үчүн билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу (ДМЧ балдар үчүн коррекциялык класстар) | 538 280 | 2 070 000 | Тикелей 40 бала (ДМЧ балдар) жана кыйыр түрдө 200 бала |
| Липенка | Айылдагы балдарга мектепке чейинки билим берүү жана тарбиялоо кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу (Бала бакчанын ремонту, курулмасы, эмерек) | 870 129 | 4 930 729 | Тикелей 118 бала, кыйыр түрдө 220 (ата-эне) |
| **Ысык-Көл району** | | | | |
| Бостери | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдарга инклюзивдүү билим берүү жана адаптациялоо кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу (ДМЧ балдар үчүн коррекциялык класстар) | 200 000 | 2 000 000 | Тикелей 54 бала (ДМЧ балдар) |
| Кумбел | Жаңы конуштун жашоочуларын таза суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу | 852 524 | 5 000 000 | Тикелей 800 жана кыйыр түрдө 1000 киши |
| **Тоң району** | | | | |
| Улахол | Жаштар жана балдар үчүн бош убакытты өткөрүү кызмат көрсөтүүлөрүн уюштуруу (Маданият үйү жана китепкана) | 530 600 | 4 263 220 | Кыйыр түрдө 2397 киши |
| **Ак-Суу району** | | | | |
| Ак-Чий | Социалдык объекттерди (мектепти, бала бакчаны, ФАПты) таза суу менен камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу | 709 997 | 2 699 971 | Тикелей 820 жана кыйыр түрдө 1027 киши |
| **Жалал-Абад облусу** | | | | |
| **Ноокен району** | | | | |
| Сакалды | Таза суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу | 454 000 | 3 800 000 | Кыйыр түрдө 3910 киши |
| Масы | Мектепке чейин билим берүү (бала бакча) кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу | 2 132 718 | 4 350 000 | Тикелей 230 бала, кыйыр түрдө 340 (ата-эне) |
| | Таза суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу | 86 300 | 474 000 | Кыйыр түрдө 17068 киши |
| **Сузак району** | | | | |
| Ленин | Айылдык жашоочулары үчүн маданий жана көңүл ачуу кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу (сейил бак) | 355 130 | 3 100 000 | Кыйыр түрдө 7050 киши |
| Багыш | Таза суу менен камсыздоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу | 1 173 000 | 4 419 398 | Кыйыр түрдө 5823 киши |
| **Чаткал району** | | | | |
| Сумсар | Кош бойлуу аялдардын саламаттыгы үчүн тейлөө сапатын жогорулатуу (төрөт үйү үчүн жабдуу) | 111 700 | 887 000 | Тикелей түрдө 91 (кош бойлуу) жана кыйыр түрдө 534 (аял) |
| **Ала-Бука району** | | | | |
| Ала-Бука | Жолдорду оңдоо, таштанды чыгаруу жана таза суу менен камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу (атайын техника) | 1 000 000 | 3 300 000 | Кыйыр түрдө 25243 киши |
| | Мектептеги тазалык боюнча кызмат көрсөтүүлөрүн жакшыртуу | 744 678 | 669 602 | 1468 (балдар жана ата-энелер) |